# МУНИЦИПАЛИТЕТ
## жана АДК

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ДЕКАБРЬ 2016 | № 12 (61) чыгарылышы


Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


**Көңүл чордонунда**

Жергиликтүү жамааттар: жаратуу күчү жана мамлекет менен өнөктөштүк ........ 2

**АДК менен ЖӨБдүн өнөктөштүгү**

Айылдык ден соолук комитеттери – элеттеги оппозициябы же пайдалуу өнөктөшпү? ........ 5

Жергиликтүү демилге-2016 ........ 6

**Ийгилик таржымалы**

Мектепке карай коопсуз жол: жарандар менен ЖӨБдүн жалпы жеңиши ........ 14

Таза сууга коопсуз жеткиликтүүлүк: кырсыктардын ордуна жаңы үмүт ........ 16

Бардыгы үчүн жашоонун жана саламаттыктын коопсуз шарттары: көчөлөрдү жарыктандыруу, балдар аянтчасы, жашылдандыруу жана спорт ........ 18

Дени сак айыл – дени сак өлкө ........ 20

**АДК жана ММК**

Үнүбүз жетсин. Жарандык коом ММК менен кантип иштеши керек? ........ 23

**Мониторинг жана баалоо**

Жамааттардын пикири: АДК ЖӨБ жана жарандар менен эффективдүү иш алып барууда ........ 25

Райондук деңгээлде мониторинг жана баалоо системасын киргизүүнүн көйгөйлөрү жана келечеги ........ 29





*2016-жылдын декабрь айындагы “Муниципалитет” журналынын №12 атайын чыгарылышы (61) Айылдык ден соолук комитеттерине арналды. Журнал “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорунун алкагында басып чыгарылды. Долбоорду Өнүктүрүү саясат институту жана “Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүк” Трастфондунун (Дүйнөлүк банк) колдоосу алдында “Кыргызстан Айылдык ден соолук комитеттери” Ассоциациясы ишке ашырууда. Үч жылдан бери аталган долбоор АДКга жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоону, ЖӨБ менен бирге пландоо техникасын, жергиликтүү бюджетти түзүү процессин жана коомдук мониторинг жүргүзүүгө үйрөтүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнөктөшү болууга көмөктөшүп келатат. Мындан ары журналда жерди үнөмдөө максатында аталган долбоор кыскача “АДК үнү” Долбоору деп аталат.*


Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

***Журнал акысыз таркатылат,***
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Жергиликтүү жамааттар: жаратуу күчү жана мамлекет менен өнөктөштүк



**Надежда ДОБРЕЦОВА,** ӨСИ башкаруу төрайымы
*Жергиликтүү жамааттардын күнүнө жана Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун 25 жылдыгына арналган "Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун пайда болуусу жана өнүгүү келечеги" илимий-практикалык конференцияда сүйлөгөн сөзү*

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттардын турмуш-тиричиликти уюштуруу укугу жана жөндөмдүүлүгү катары Кыргызстан элинин табигый жана уникалдуу өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Кыргызстан жарандарынын жалпы көйгөйлөрдү чечүү үчүн өзүн-өзү уюштура алуу жөндөмдүүлүгү СССР урагандан кийин азыркы мамлекетти түптөө мезгилинде өзгөчө билинди. Ички дүң продуктусы өтө төмөн болуп, калктын калың катмарынын кирешеси өп-чап болгонуна карабастан Кыргызстанда эч качан жапырт жакырчылык көрүнүшү байкалган эмес, ачарчылыктан өлгөн учурлар дээрлик болгон эмес. Өткөн кылымдын 90-жылдары адамдын өнүгүүсүнө, саламаттыгына жана жашоо узактыгына таасирин тийгизгени менен, жалпысынан өлкө жамааттарда топтолгон ички резервдердин эсебинен адамдык капиталын сактап калды. Салттуу билимдер жана заман талабына реакция жасоодо ийкемдүүлүк өңдүү эки фактордун бир маалда тийгизген таасири Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарына туруктуу социалдык көрүнүшкө айланып кетүүгө жол берди. Ал эми дал ушул социалдык көрүнүшкө жергиликтүү өз алдынча башкаруу, аны менен катар мамлекеттик башкаруунун бүтүндөй бир системасы таянат. Бир нече факторлор ушундан кабар берүүдө.

Биринчиден, Кыргызстандын элеттик инфраструктурасы деградацияга учураган жок. Бирок жарандардын өзүн өзү уюштура алуусунан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын күнүмдүк тиричиликте айла-амал таба алганынан улам өсүштү көрсөттү. Канча деген көпүрөлөр жана жолдор, коомдук имараттар жана курулмалар, тарыхый мурас жана маданият объекттери, спорттук курулмалар сакталып гана калбастан, ошол эле маалда жарандардын өздөрүнүн жана ЖӨБ органдарынын аракеттери менен кайрадан курулганын санап отурганга убакыт жетпейт. Албетте, мында акыркы жыйырма жылдан бери инфраструктуралык объекттерди жигердүү түрдө каржылап келген эл аралык донор уюмдардын салымы зор. Бирок алар биринчи кезекте суу менен жабдуу системалары, бала бакчалар жана фельдшердик пункттар өңдүү объекттердин чектелүү тизмесин гана каржылашты. Ал эми калган инфраструктура жамааттын мойнуна жүктөлдү.

Экинчиден, жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүндөгү көпчүлүк гуманитардык жана социал-

дык багыттар жарандардын өзүн-өзү уюштура алганынан улам мүмкүн болду. Ушуну менен катар руханий, материалдык эмес маселелер да жамааттардын көңүл сыртында калган жок. Айталы, жергиликтүү жамааттар үй-бүлөдөгү жүрүм-турум, тарбия, этностук мамилелер, жаңжалдарга, экстремизмдин жайылуусуна каршы туруу өңдүү маселелерди көзөмөлдөшөт жана жөнгө салышат. Жамааттарды жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине тартууда өнүгүү долбоорлору алып келген ар түрдүү моделдер Кыргызстандын жергиликтүү жамааттарында өтө жеңил иштеп кеткенин, ошол заматта адаптацияланганын жана кеңири колдонулуп жатканын белгилебей коюуга болбойт. Бюджет боюнча коомдук угуулар же кызмат көрсөтүүлөргө коомдук мониторинг жүргүзүүнү мисал катары келтирсе болот.

Үчүнчүдөн, жергиликтүү жамааттар саясий процесстерде олуттуу күч болуп эсептелет. Муну 2005 жана 2010-жылдардагы окуялар көрсөттү. Бул жылдары өлкөнүн жогорку бийлиги жергиликтүү жамааттардын эрки менен алмаштырылган. Муну менен катар бийликтеги элитанын саясий эрки болгонуна же жоктугуна карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргызстанда сакталып, туруктуу өнүгө берди. Дал ушул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун автономиясын кыскартуу 2010-жылдагы окуялардын маанилүү фактору болуп калды. Бул факторлор өлкөнү жергиликтүү өз алдынча башкарууну децентралдаштыруу жана өнүктүрүү жолуна кайтарды.

Төртүнчүдөн, жергиликтүү жамааттардын күчү көп жагынан заманбап түшүнүгүндөгү жарандык коомду түзүүнүн, көптөгөн өнүккөн жана жигердүү жарандык уюмдардын өлкөнүн булуң-бурчунда пайда болуусунун булагы болуп калды. Бул болсо адамдардын кызыкчылыктарды бириктирүүгө жана коргоого болгон өз укуктарын ачык түшүнө баштаганын көрсөттү. Жергиликтүү жамааттар суу менен жабдууну ремонттоо боюнча демилгелүү топтордон баштап, балдар укуктарын коргоо боюнча өнүккөн тармактык структураларга чейин жарандардын формалдуу жана бейформал топторунун кыймылдаткыч күчү жана чөйрөсү болуп эсептелет.

Жергиликтүү жамааттар, жарандардын формалдуу жана бейформал топтору, жарандык коом уюмдары өлкөнүн социалдык, саясий жана экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу салым кошуп жатышат. Алар мамлекет, бизнес жана коом ортосунда түзүлгөн коомдук келишимдин ажыратылгыс бөлүгү болуп калышты. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы дал ушул келишимдин алкагында өнүгүүдө. Дал ушул жергиликтүү жамааттар Кыргызстандын демократиялык баалуулуктарды кармануусунун фактору болуп эсептелет. Ал эми жергиликтүү жамааттын күчүнө таянган жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзүнүн кемчиликтерине карабастан демократиялык түзүлүштүн негизи жана келечекте өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн негизги шарттары болуп эсептелет. Биздин келечегибиз жөнөкөй логикалык байланыштын айланасында курулат: “жергиликтүү жамаат – жергиликтүү өз алдынча башкаруу – демократиялык мамлекет – туруктуу өнүгүү – өлкөнүн жана жарандын бакубат келечеги”.

Бул логикалык байланыш кынтыксыз иштеп кетүүсү үчүн Кыргызстан мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан жергиликтүү жамаат ортосундагы өнөктөштүктү күчөтүшү керек. Бирок бул өнөктөштүк декларативдүү мүнөздө болбошу керек, саясий билдирүүлөр жана расмий иш-чаралар менен чектелбөөгө тийиш. Бул – иштеген, туруктуу, эффективдүү саясий диалог. Мындай диалогду акыркы убакта мамлекет менен бизнестин ортосунда байкоого болот.

Бирок мамлекет менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы мындай практикалык саясий диалог ушул күнгө чейин түзүлгөн эмес. Диалогдун жоктугу жергиликтүү жамааттарга да, мамлекетке да кыйынчылыктарды жаратууда. Жергиликтүү жамааттар борбордук деңгээлде чечим кабыл алуу процессинде алардын кызыкчылыктары эсепке алынат деген ишенимде дайыма эле боло беришпейт. Мамлекет болсо, ушундай саясий диалогдун жоктугунан улам туура эмес чечим кабыл алып, элдин ишениминен ажырап калышы ыктымал. Мындай кырдаалда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун союзунун ролу кескин өсүүдө. Бул союз сүйлөшүүлөрдө, мамлекет менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы саясий диалогдо мамлекеттин чыныгы өнөктөшү болуп калышы керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары саясий процессте өз-өзүнчө өкмөттүн өнөктөшү боло алышпайт. Бул жерде алардын биригүүсү жана бирдиктүү позициясы зарыл. Анткен менен өз жамаатынын алкагында ЖӨБ органдары жергиликтүү жамаат менен бийлик ортосундагы диалогдун эффективдүү уюштуруучулары болушат. ЖӨБ органдары жамааттын да, мамлекеттин да өкүлү катары чыгышат. Анткени алар жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча да, мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча да чоң жумуштарды жасашууда.

Акыркы он жылда жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу бир кыйла күчөдү. Бирок ошол эле маалда жарандардын жана жергиликтүү жамааттардын ЖӨБ органдарына койгон талаптары да өстү. Жергиликтүү жаматтарга өзүнүн калк алдындагы отчеттуулугун далилдеп, жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары – АӨ жана кеңеш үчүн биринчи кезекте чечилүүчү тапшырма экенин иш жүзүндө көрсөтүү менен, ЖӨБ органдары урмат көрүп, ишенимди калыбына келтирди. Ошол эле маалда жергиликтүү жамааттын ЖӨБ органдарынан күткөнү да көп. Жергиликтүү жамааттын ишеними жана реалдуу турмуш шарты кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ЖӨБ органдарынан бир кыйла көбүрөөк аракетти талап кылат.

Акыркы беш жылдыкта Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн эң маанилүү жетишкендиктеринин бири мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн концепциясын киргизүү болду. Мунун натыйжасында мамлекеттик жана муниципалдык органдардын жарандарга кереги жок, өзгөчө акынын негизинде кызмат көрсөтүүлөрдү таңуулоо каалоосу-

нан коргоо мүмкүн болду. Ошондой эле коммерциялык кызмат көрсөтүүлөргө карата мамлекеттик жана муниципалдык органдардын иши мүмкүн болушунча чектелди.

Бул жетишкендиктер базар экономикасынын принциптерине жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоого шайкеш келет: (1) эч жүйөсүз акыга кызмат көрсөтүүлөрдүн саны кыскарууда, (2) кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча мамлекеттик органдардын аракеттери катаал көзөмөлгө алынды, (3) кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтыруу жана регламенттештирүү процесси башталды. Ошол эле маалда мындай реформалардын эффективдүүлүгү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө көп деле таасирин тийгизген жок. Бул биринчи кезекте муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр мыйзамдар менен аныкталган маанисинде бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу маселелердин тизмесине кирбегенине байланыштуу болду. Долбоорлордун биринин алкагында Өнүктүрүү саясат институту муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча жаңы мыйзамды тестирлөөдөн өткөрдү жана узак мөөнөттүү мезгилде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөр боюнча мыйзамдардын фокусун концепциялык жактан кеңейтүү керектигин аныктады. Ошондо бул чөйрөгө ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик жана милдеттенмелер чөйрөсүндө болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык спектрин кошуу зарыл. Жөнөкөй тил менен айтканда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн концепциясына жергиликтүү маанидеги маселелердин бир бөлүгү кошулушу керек.

Дал ушул жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгү бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу жана артыкчылыктуу болуп турат. Мындай кызмат көрсөтүүлөрдү шарттуу түрдө эки топко бөлсө болот: (1) бош убакытты өткөрүү, маданият жана спорт кызмат көрсөтүүлөрү жана (2) турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана абатташтыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн биринчи тобу, эрежеге ылайык, ЖӨБ органдары, муниципалдык мекемелер тарабынан ишке ашырылат, же бейөкмөт уюмдарга аутсорсингге берилет. Узактан бери бул көйгөйлөргө жетиштүү даражада көңүл бурулбай келген. Ошондуктан бош убакытты өткөрүү жана маданият маселелерин чечүү эң жакшысы дегенде инфраструктуралык долбоорлор, объекттерди оңдоо жана куруу менен чектелген. Бирок соңку натыйжа – жеткиликтүү жана сапаттуу кызмат көрсөтүү дайыма эле мүмкүн боло берген эмес. Ошондуктан биз адатта ээнсиреген маданият үйлөрүнө, чөп баскан спорт аянтчаларына жана жалпысынан айыл менен шаарларда маданий жана спорттук жашоонун өчүп бара жатканына күбө болуп жатабыз. Негизги жыйынтык – жагымдуу жана талап кылынган кызмат көрсөтүүгө жетүү, дал ушул айыл деңгээлинде жалпысынан маданият деңгээлин түзөт.

Турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана абатташтыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруунун айланасында өтө оңой эмес кырдаал түзүлдү. Акыркы жылдары бери дегенде эки кооптондурарлык көрүнүш пайда болду: (1) кызмат көрсөтүүнүн башка усулдарын четке кагуу менен муниципалдык ишканаларды түзүү боюнча адатта эч жүйөсүз чечимдер кабыл алынууда, (2) ЖӨБ органдары тикелей ишкерчилик менен алектенүүдө. Бул болсо жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө зыянын тийгизип, бюджеттик процесстин бузулушуна алып келүүдө. Муну менен катар жергиликтүү бизнестин өнүгүүсүнө да тоскоолдуктар жаралып, жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө кесепети тийүүдө.

Кызмат көрсөтүүлөрдү башкарууну уюштуруу боюнча укуктук, уюштуруучулук, финансылык шарттарды түзүү зарыл. Мындай шарттар ЖӨБ органдарына жарандардын суроо-талаптарына реакция жасап, өз ыйгарым укуктарынын алкагында тикелей милдеттенмелерин аткарууга жол ачмак. Бул үчүн мамлекет жакын арада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өнөктөштүктө жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыгында бир катар тапшырмаларды аткарууга тийиш.

Биринчиден, башкаруу органдары ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү боюнча иштер жыйынтыкталыш керек. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды тийиштүү каржылоо менен кошо берүү жөнүндө мыйзамды иш жүзүндө аткаруу зарыл. Жергиликтүү маанидеги маселелердин так аныктамасы болуш керек. Ошондо бүдөмүк жана түшүнүксүз аныктамалар да болбойт.

Экинчиден, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдын колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү зарыл. Ага бош убакытты өткөрүү, маданият жана спорт кызмат көрсөтүүлөрүн, турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана абатташтыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү кошуш керек.

Үчүнчүдөн, ЖӨБ органдары өз иш-аракеттерин координациялап, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын коргоп, мамлекет менен саясий диалогду уюштуруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзунун иши жаңы нукта жүрүшү керек.

Сөзүмдүн соңунда Өнүктүрүү саясат институтунун жана башка коомдук уюмдардын жамаатынын атынан сизди Жергиликтүү жамааттардын күнү менен куттуктап, ийгиликтерди жана өнүгүү, алдыдагы шайлоодо жеңишти каалап коюуга уруксат бериңиз. Майрам күнүндө да эсиңиздерге салгым келет: башкаруу системасынын тигил же бул бөлүгүнүн өнүгүү багыттары жана ыйгарым укуктары тууралуу канчалык талашыптартышпайлы, жергиликтүү жамааттар канча жашаса, жергиликтүү өз алдынча башкаруу да ошончо өмүр сүрөөрүн унутпашыбыз керек. Ал эми жергиликтүү жамааттардын өмүрү адамзатынын цивилизациясынын узактыгына көз каранды. Себеби таш доорунан бери адам өз жамаатында жашап келе жатат. Ошондуктан, урматтуу жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрү жана ЖӨБ башчылары, биздин куттук сөздөрүбүздү өз айылыңыздын жана шаарларыңыздын бардык жашоочуларына айта барыңыз. Анткени дал ошолор – бул биздин өлкөбүз!

**2016-жылдын 10-ноябры, Бишкек**



# Айылдык ден соолук комитеттери – элеттеги оппозициябы же пайдалуу өнөктөшпү?

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** "АДК үнү" Долбоорунун жетекчиси

Элет тургундары өз турмуш шартын өздөрү эле жакшырта алат беле деген суроо туулат. Мисалы, машыктыруучу залдын курулушун баштап, же мектепке жаңы эмерек сатып алууга аракеттенсе болот беле? Көрсө, болот экен. Адатта Айылдык ден соолук комитеттерине (АДК) бириккен аялдар жашоочулардын кызыкчылыктарын жигердүү коргоп келатышат. АДК – Кыргызстандын дээрлик бардык айылдарында өз тармактарын ачкан чакан жамааттык уюм. Элеттиктердин саламаттыгына таасирин тийгизе тургандай турмуш шарттарын жакшыртуу жаатында жергиликтүү бийлик менен АДК кантип кызматташып жатканы тууралуу 28-сентябрда маалымат алмашуу болду. Ага Кыргызстандын түрдүү аймактарынан АДК активисттери Чүй облусунун Гроздь айылына тажрыйба алмашуу иш-чараларынын алкагында келишти.

Адамдар турмуш шартына өздөрү таасирин тийгизе алышы үчүн Кыргыз Республикасында эки миңдин тегерегинде (!) айылдык ден соолук комитети түзүлгөн. Адамдын саламаттыгы көп учурда жашаган шартына көз каранды болоору белгилүү. Айылдык ден соолук комитеттеринин басымдуу бөлүгү азырынча чакан эле. Бирок бул жупуну масштабга карабастан жигердүү аялдарды жана бир аз да болсо эркектерди бириктирген АДК олуттуу жыйынтыктарга жетип жатканын практика көрсөтүүдө. Мисалы, АДК мүчөлөрү мектепке барчу жол коопсуз болушу үчүн көпүрө куруу; мектеп автобусун сатып алуу; айылдагы санитардык абалды жакшыртуу; коомдук жайлар-

ды жылуулатуу өңдүү дагы көптөгөн иштерди жасоого жергиликтүү бийликти түртүп жатышат. Бирок алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан бир нерсени талап кылуу менен гана чектелишкен жок. Жок, алар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын жардамчыларына, өнөктөштөрүнө айланышты. Мисалы, алар муниципалитеттерге элет калкынын эң оор жана актуалдуу көйгөйлөрүн аныктап чыгып, талдоого жардам беришет. Алар айыл өкмөтү менен кошо бул көйгөйлөрдү чечүүнүн оригиналдуу жолдорун ойлоп табышат. Бирок өнөктөштүккө карай жол жеңил эмес. Көптөгөн айыл өкмөттөрү жана жергиликтүү кеңештер АДКны тең укуктуу жана пайдалуу өнөктөш катары кабыл албайт жана диалогго барууга, кызматташтыкты баштоого даяр эмес. Мына ушул жерде АДКдан өзгөчө көндүмдөр талап кылынат – алар өздөрү тууралуу сабаттуу маалымат берип, жамаатка жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга реалдуу пайда алып келүүгө жөндөмдүү болгонун көрсөтө алышы керек. Көптөгөн АДК бул жолду басып өттү жана бүгүнкү күндө жашоону жакшыртуу, бюджеттик маалыматтарды ачуу боюнча иш-чаралар, жергиликтүү өз алдынча башкарууга мониторинг жүргүзүү боюнча долбоорлорду ишке ашырууда жетишилген жыйынтыктарга сыймыктанса болот. 28-сентябрда Бишкекте, андан кийин Гроздь айылында АДКнын 35 өкүлү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери чогулушту. Алар мыкты практикалар, биргелешкен иштин ийгиликтери тууралуу ой бөлүшүп, тажрыйба алмашып, бул кызматташтыктын эффективдүүлүгүн арттырууга тоскоол болгон көйгөйлөрдү чогуу талкуулашты. Андан кийин Гроздь айылында тажрыйба алмашуу иш-чарасынын катышуучулары АДК менен ЖӨБдүн биргелешкен ишинин жыйынтыктарын көрүштү. Алар: жарандардын керектөөлөрүнө жооп катары курулган машыктыруучу зал жана башка объекттер. Бул муктаждыктарды АДК аныктап чыккан болчу. Жалал-Абад облусунун Ленин аймагынын башчысы мындай бирикмелерден кандай пайда болушу мүмкүн экени, АДК активисттеринин күч-кубатын бүткүл жамааттын пайдасына кандайча колдонуп жатканы тууралуу айтып берди. Жалпы талкуунун жүрүшүндө дагы көптөгөн мисалдар келтирилди.

Тажрыйба алмашуу сапарынын соңунда “АДК менен ЖӨБдүн өнөктөштүгү: Жергиликтүү демилге” конкурсунун жеңүүчүлөрү деп табылган мыкты Айылдык ден соолук комитеттерине жалпы суммасы 580 000 сомдук байгелер тапшырылды. Жеңүүчүлөр, алардын ийгилик таржымалы жана мыкты практикалардын мисалдары тууралуу кененирээк “Муниципалитет” журналынын ушул атайын чыгарылышынан окуңуз.

# Жергиликтүү демилге-2016

“АДК жана ЖӨБ өнөктөштүгү: Жергиликтүү демилге” конкурсу 2016-жылдын апрель айында “АДК үнү” Долбоорунун пилоттук АДК жана ЖӨБ үчүн жарыяланган. Конкурстун максаттары:

- жамааттын турмушуна жана жеринде чечим кабыл алуу процесстерине пилоттук айылдык ден соолук комитеттеринин атынан калктын мындагы жигердүү катышуусуна дем берүү;
- саламаттык детерминанттары менен байланышкан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруунун өзгөчө ийгиликтүү мисалдарын аныктап, аларды мыкты практика катары жайылтуу;
- айылдык ден соолук комитеттеринин Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өнөктөштүктө саламаттык детерминанттары менен байланышкан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө иштин алдыңкы усулдарын жана жаңы ыкмаларын колдонууга көмөктөшүү.

Конкурстун процессинде айылдык ден соолук комитеттери (мындан ары – АДК) жана пилоттук айылдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (мындан ары – ЖӨБ) Өнүктүрүү саясат институтуна өз айылдарында саламаттык детерминанттары менен байланыштуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган жана биргелешкен демилге менен жайылтылган же өткөрүлгөн өзгөчө натыйжалуу, эффективдүү тажрыйбаны же иш-чараны сүрөттөп беришкен. Баары болуп конкурска 21 өтүнмө түштү; 15 жергиликтүү демилге өзгөчө көңүл бурду жана курамына түрдүү уюмдардын, анын ичинде мамлекеттик органдардын өкүлдөрү кирген көз карандысыз комиссиянын баасы боюнча байгелүү орундарды алышты. Жеңүүчүлөр АДК менен ЖӨБго саламаттык детерминанттары менен байланышкан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган биргелешкен демилгелерди улантууга жардам бере турган баалуу буюмдарды алышты. Буга чейин Долбоор пилоттук АДКларга өз айылында жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) иштерин жүргүзүүгө жардам берген. Мунун натыйжасында саламаттык детерминанттарына байланышкан айылдын өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйлөрү аныкталган. Ошондой эле Долбоор АДК менен ЖӨБдүн биргелешкен аракеттер пландарын (мындан ары – БАП) даярдоодо колдоо көрсөттү. Бул пландарды кийинчерээк ЖӨБ органдары кабыл алышкан. Андан кийин БАПты ишке ашыруу жоопкерчилиги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөн. ЖӨБ органдары АДК менен биргеликте жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын же каржылоонун башка тышкы булактарынын эсебинен БАПты ишке ашырышкан. Жеңүүчүлөр алган байгелерге төмөн жакта кененирээк токтолобуз.

### Бала бакча жана мектептер үчүн эмерек сатып алуу

***Н. Исанов айылдык аймагы, Ноокат району, Ош облусу – конкурста биринчи орунду ээлегени үчүн 150 000 сом көлөмүндөгү байге.***



ЖМБА-иш-чараларында аныкталган бардык артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн ичинен айыл өкмөтүнүн күчү менен төмөнкү маселелер чечилген: Тескей-Кожоке айылындагы негизги жолдорду оңдоо жана көчөгө жарык берүү. Ушул эле айылда фельдшердик-акушердик пункттун курулушу боюнча иштер жүрүүдө. Бул айылдагы АДК өз кезегинде коомдук саламаттык сактоо, ЖӨБ органдарынын жана башка мамлекеттик органдардын иши, ошондой эле жергиликтүү калктын пайдасына алардын жалпы өз ара аракеттенүүсү тууралуу калктын маалымдуулугун жогорулатуу жаатында жамаат менен иштерге чоң салым кошту. Долбоордун тренингдерине катышуу менен Айылдык ден соолук комитеттеринин жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери алган билимин өз ишинде колдонуп, бул тажрыйбаны аймактагы башка айылдарда жайылта алышты. Айыл өкмөтү АДКнын демилгелерине жана жамаат менен иштерге чоң колдоо көрсөтүп келет. Айталы, ЖӨБО АДК менен биргеликте ЖМБА боюнча бир нече иш-чараларды, жумушчу жолугушууларды, бюджет боюнча маалымат өнөктүктөрдү өткөрдү.

Бирок Тескей-Кожоке айылындагы айрым көйгөйлөрдү ЖӨБ органдары азырынча чече албай жатат. Айылда 500дүн тегерегинде түтүн бар жана айылдагы жалгыз бала бакчага жана эки мектепке каттаган балдар көп. Мектептердин биринде 215 окуучу билим алат. Бул мектепте ашар жолу менен курулган ашкана бар. Бирок, тилекке каршы, ашканада азык-түлүктү туура жана коопсуз сактоо үчүн атайын жабдуу ушул күнгө чейин болгон эмес. Муздаткычтын жоктугунан улам 2015-жылы балдар бузулган тамак-ашка ууланышкан. Дагы 500 бала билим алган экинчи мектепте да ушундай эле кырдаал түзүлдү – азык-түлүктү сактоо үчүн, идиш-аяк жууганга шарт жок болчу. Балдардын тамактануу алдында колдорун чайкап алышы тууралуу сөз да жок.

90 бала тарбияланган жалгыз бала бакчада да шарттар ойдогудай эмес: кийим-кече үчүн эмерек жок, керебеттер болбогондуктан балдар жерде уктайт. Ашканада мештин жоктугунан улам балдарга ысык тамак көчөдөгү казанга даярдалат. Колдорду, же идиш-аякты жууш үчүн сырттагы муздак сууну колдонушат. Н.Исанов айыл өкмөтү дотацияда болгондуктан каржылоо дайыма жетишсиз, бул болсо бул маселелердин баарын бир заматта чечүүгө жол бербей жатат.

Мектептер жана бала бакча үчүн зарыл болгон жабдууларды алуу менен балдардын окуу мекемелериндеги шарттарын жакшыртуу мүмкүнчүлүгү да пайда болот. Биринчи кезекте балдар үчүн тамак-аш даярдоо жана сактоого байланыштуу маселе чечилет. Бул болсо балдардын ден соолугуна оң таасирин тийгизмекчи. Мындан тышкары балдардын өнүгүүсү жана эс алуусу үчүн ыңгайлуу жана эстетикалык шарттарды түзүү мүмкүнчүлүгү да пайда болот.

Тикелей бенефициар катары Тескей-Кожоке айылынын 805 баласы (окуучулар, бала бакчанын тарбиялануучулары) аталды. Айылдын эки миңге жакын жашоочусу кыйыр бенефициарлар болуп эсептелинет.

Конкурста ээлеген биринчи орун үчүн алган акчага башталган демилгелерди улантуу максатында Тескей-Кожоке айылындагы эки мектеп жана бала бакча үчүн да тиричилик техникасы жана эмерек сатып алынды. Ошентип Н.Исанов айыл өкмөтүнүн балансына төмөнкүлөр өткөрүлүп берилди:

- эки мектеп ашканасы үчүн экиден муздаткыч жана суу жылыткыч;
- бала бакча үчүн газ меши;
- бала бакча үчүн 12 кийим-кече шкафы жана 5 эки кабаттуу керебеттер;
- эки мектеп үчүн 5 парта, 20 отургуч, эки китеп шкафы.

Бүгүнкү күндө бардык материалдык баалуулуктар Тескей-Кожоке айылындагы эки орто мектепке жана бала бакчага өткөрүлүп берилип, өз багытында колдонулуп жатат. Балдар мурдагыга караганда ыңгайлуу шарттарда тамактанууда жана ооруп калуу тобокелдиги жок. Мындан тышкары окуучулар жана бала бакчага барган наристелер үчүн билим алууга жана тарбиялануууга дагы да ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

### Жаштар багын жана фельдшердик-акушердик пунктту тосмолоо



***Кыргызстан айылдык аймагы, Манас району, Талас облусу – экинчи орун үчүн 100 000 сом көлөмүндө байге.***

Акыркы учурларда Манас айылында ЖӨБ органдары АДКнын катышуусунда бир нече көйгөйлөрдү чечишти. Бул көйгөйлөр Ма-

нас айылындагы АДКнын көмөгү менен өткөрүлгөн ЖМБА-иш-чараларында аныкталган. Жергиликтүү тургундар талкуу маалында козгоп келген айылдагы көйгөйлүү маселелердин айрымдары төмөнкүдөй болчу: ички жолдордун начар абалы, айыл көчөлөрүндө жарыктын жоктугу, бош убакытты өткөрүү жана эс алуу үчүн шарттардын жана жердин жоктугу. Жергиликтүү жамаат көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү жолдорун биргелешип издөө идеясын абдан жигердүү колдоп беришти. АДК көтөргөн демилгеге колдоо көрсөтүп, элеттиктер эки негизги көчөдө оңдоо иштерин жүргүзүүнү чечишти. Демилгеге АДК мүчөлөрү жана айылдык кеңештин депутаттары да тартылды. Алар өзгөчө көйгөйлүү участокторго майда таш жеткирүүнү камсыздап беришти. Демилгечилерди колдогон айылдыктар болсо 5 000 сом көлөмүндө акча чогултуп, 40 литр күйүүчү май беришти. Айыл өкмөт башчысы жергиликтүү бюджеттен 10 000 сом бөлүп, жол-эксплуатациялоо башкармалыгы менен сүйлөшүп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен автогрейдерди ижарага алып берди. Жалпысынан калыбына келтирүү жумуштары эки көчөдө жасалды. Мындан тышкары АДК фельдшердик-акушердик пункттун аймагын жашылдандыруу боюнча демилгени өзүнө алып, карагайдын, кайыңдын жана мөмөлүү бактардын көчөттөрү менен камсыздады. Бул идея жергиликтүү жашоочулардын ден соолугун чыңдоо жана жарандардын эс алуусу үчүн шарт түзүү максатында ишке ашырылды. Ошондой эле демөөрчүлөр берген каражаттын (80 000 сом) эсебинен айылдагы негизги көчөлөрдүн биринде жарык берүүчү чырактар орнотулду. ЖМБАга катышуу, БАПты даярдоо жана маселелерди айыл өкмөтү тарабынан чечүү аркылуу айылдагы маанилүү маселелерди ишке ашыруу боюнча бул демилгелерге катышуу жакшы жыйынтыктарды берди.

Жаштар багы элеттиктердин турмушунда чоң мааниге ээ. Ошондуктан бул бакты көрктөндүрүүгө айылдын дээрлик бардык тургундары катышты. Мында ЖӨБ органдары да маанилүү ролду ойношту. Бактын аймагын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча өтө чоң иштер жасалганына байланыштуу мал жандыктан сактоо үчүн анын четчекесин тосмолош керек болчу. Мындан тышкары тосмолор айылдын сырткы көрүнүшүнө да таасирин тийгизмек. Бенефициарлар: тикелей – Манас айылынын 735 жашоочусу, кыйыр – 300 киши.

Тосмонун бир бөлүгү (40%) Кыргызстан айыл өкмөтүнө байге катары берилди. Калган бөлүгү кийинчерээк, экинчи этап менен берилет. Айыл өкмөтүнүн жана коомчулуктун өкүлдөрүнөн түзүлгөн Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу тосмону орнотуу процессине мониторинг жүргүзүүдө.

## Суу түтүк трубасын сатып алуу

***Ленин айылдык аймагы, Сузак району, Жалал-Абад облусу – конкурста үчүнчү орунду ээлегени үчүн 70 000 сом көлөмүндө байге.***




Ленин айылдык аймагынын Орто-Сай айылында калктын саны өсүп, муну менен кошо таза сууга болгон суроо-талап да жогорулады. Убакыттын өтүшү менен жаңы конуштар да пайда болуп, ал аймактарга инфраструктура зарыл.

Жаңы конуштардын жашоочулары үчүн маанилүү маселелердин бири таза сууга жеткиликтүүлүк болуп эсептелет. Жашоочулардын үчтөн бири сууну жергиликтүү дарыядан алып ичет. Баарына белгилүү болгондой, бул жашоочулардын саламаттыгына тикелей терс таасирин тийгизет. Бул көйгөй өзгөчө жай айларында курч турат. Анткени бул мезгилде дарыяда таштандылар көбөйүп, мал ошол жерден суу ичет. Мындай жагдай жашоочулар, өзгөчө балдар арасында жугуштуу ичеги-карын ооруларынын өсүшүнө себепчи болууда.

ЖӨБ органдары бул чоң көйгөйдү өз күчү менен чече алышкан эмес. Буга карабастан бийлик кошумча каражаттарды тартуу аракеттерин токтоткон жок. 2014-жылы АДК күчү менен Орто-Сай айылында ЖМБА-иш-чаралары өткөрүлүп, анын алкагында күтүлгөндөй эле жаңы конуш тургундарынын таза сууга жеткиликтүүлүгү чектелүү болгону негизги көйгөйлөрдүн бири катары аталды. 2015-жылы донордук уюмдан алынган гранттын эсебинен айыл өкмөтү скважиналык насос үчүн электротрансформатор жана электр жабдуу сатып алды. Жакынкы келечекте калк скважинадан чыккан таза сууну колдоно баштамак. Бирок бул сууну бүтүндөй жаңы конуштарга жеткирүү көйгөйү чечилбеген бойдон кала берди. Бул маселени чечүү үчүн үч көчөгө 600 метр суу түтүк трубасын сатып алыш керек эле. Натыйжада калкты таза суу менен камсыздоодон тышкары, элеттиктер арасында жугуштуу оорулардын пайызын кыскартуу маселеси да чечилмек.

Бенефициарлар: тикелей – 1 763 киши, кыйыр – 1 388 киши.

“АДК үнү” Долбоору артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү боюнча демилгени улантуу үчүн байге каражатына сатып алынган 388 метр суу түтүк трубаларды өткөрүп берди. Бул болсо Орто-Сай ай-

ылындагы жаңы конуштардын тургундары үчүн суу маселесин жарым-жартылай чечүүгө жардам берет. Аймакта түзүлгөн биргелешкен мониторинг боюнча топ трубаларды орнотуу процессине мониторинг жүргүзүүдө. Жакын арада айыл өкмөтү жаңы суу түтүк тармагын колдонууга берүүгө камданып жатат.

## Жаштар үчүн маалымат борборун түзүү

***Бирлик айыл аймагы, Кадамжай району, Баткен облусу – үчүнчү орун үчүн 70 000 сом көлөмүндө байге.***



“АДК үнү” Долбоорунун алкагында ЖӨБ органдары менен АДК биргелешип, элеттиктердин ден соолугуна тиешелүү болгон көйгөйлөрдү аныктоо боюнча ЖМБА-иш-чараларын өткөрүштү. Ошондой эле 2016-жылга бюджет тууралуу маалыматты жайылтуу боюнча өнөктүктү уюштурушту. Калк да АДК менен ЖӨБО өткөргөн иш-чараларга жигердүү катышып, кызыгуусун билдирди. ЖӨБ органдары жана АДК Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгып, ага ЖМБА алкагында аныкталган маселелер да кошулду. Мисалы, БАПка таштандыларды жок кылуу үчүн атайын полигонду уюштуруу боюнча маселе кирди. Айыл өкмөтү бул маселени ушул жылы эле чечүүгө убада берип жатат.

Аймакта орун алган дагы бир көйгөй жаштардын маңзат жана алкоголдук ичимдиктерди колдонуусуна байланыштуу болуп жатат. Ошондой эле ВИЧ-СПИД өңдүү ар кандай жугуштуу жана вирустук оорулар тууралуу маалымдоо иштери өтө эле төмөн деңгээлде. Байге үчүн алган каражатка АДК жана ЖӨБ органдары компьютердик техниканы сатып алып, интернетке кошулуп, жаштар менен иш алып барууну пландоодо. Б.а., алар жаштар арасында компьютердик сабаттуулукту жана маалымдуулукту жакшыртуу максатын көздөп жатышат.

Бенефициарлар: тикелей – 400 киши, анын ичинде 110 аял, кыйыр – 650 адам. Бирлик айылдык аймагынын жаштары үчүн Маалымат борборун уюштуруу үчүн “АДК үнү” Долбоору байгенин алкагында кеңсе техникасын сатып алып, айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берди.

## Көчөгө жарык берүү

***Арал айылдык аймагы, Түп району, Ысык-Көл облусу – конкурста ээлеген төртүнчү орун үчүн 30 000 сом көлөмүндө байге.***



Кош-Дөбө айылынын калкы ынтымактуу жана жигердүү. Айылдагы дээрлик бардык имараттар жана инфраструктура жашоочулардын күчү менен тургузулган. Мисалы, мектеп, фельдшердик-акушердик пункт, мечит жана суу түтүк тармагы ашар жолу менен оңдолгон. Эгерде жергиликтүү тургундар болбогондо, бул айылда ыңгайлуу шарттар тууралуу сөз да жүрмөк эмес. Жамаат аймактагы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө дайыма жигердүү катышып келет.

2014-жылы АДК күчү менен калктын саламаттык детерминанттарына тиешелүү көйгөйлөрдү аныктоо боюнча ЖМБА-иш-чаралары өткөрүлгөн. Анда төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталган: мектепке чейинки курактагы балдардын, спорттун өнүгүүсүнө шарттардын жоктугу, жарык өткөрүлбөгөн караңгы көчөлөр жана ички жолдордун адам кейитээрлик абалы. Бул көйгөйлөрдүн басымдуу бөлүгү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планына жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасына кирди.

Айыл өкмөтү жарандардын демилгесин колдоп, көчөлөрдө жарыктын жоктугу жана жолдорду оңдоо көйгөйлөрүн жарым-жартылай чечип, элеттиктердин турмушун бир аз да болсо оңдой алды. Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 17 000 сомго ички жолдордун 600 метри оңдолуп, 32 000 сомго 4 жарык берүүчү чырак орнотулду. Мунун баарына ЖӨБ органдарынын, АДКнын жана жергиликтүү жамааттын биргелешкен жана тыгыз кызматташуусу аркылуу жетишти. Көйгөйлөрдү чечүү менен ЖӨБ органдарында жана жамаатта келечекке ишеним пайда болуп, жалпы көйгөйлөрдү чечүүдө активдүүлүк күчөдү.

Бүгүнкү күндө айылдын башка бөлүктөрүнө жарык берүү маселеси калды. Ошондой эле ушул кезге чейин жергиликтүү бюджеттен каражат жетпегендиктен чечилбей келген жолдордун ремонтун бүтүрүү зарыл.

Жарыктандыруу жана жолдорду оңдоо маселесинин чечилиши менен айыл тургундарынын турмуш шарты да бир кыйла жакшырат. Жарык келип,

жолдор оңдолгондо жол кырсыктарына байланыштуу көйгөйлөр да азайып, ошондой эле айылда кылмыштуулуктун саны да кыскарат. Муну менен бирге айылдын бакубатчылык деңгээли өсөт.

Ыйгарылган байгенин алкагында айыл өкмөтүнүн балансына жети көчө чырагын орнотуу үчүн жабдуулар өткөрүлүп берилди.

### Калкты маалымдоо

***Кочкор айыл аймагы, Кочкор району, Нарын облусу – конкурста ээлеген төртүнчү орун үчүн 30 000 сом көлөмүндө байге.***




Исакеев айылында 200 орундуу клуб бар. Ушул жерде гана жергиликтүү тургундар бош убактысын өткөрүп, айылдагы салтанаттуу-маданий иш-чаралар өтүп турат. Клуб 25 жыл мурда курулган. Бирок СССР кулагандан кийинки 90-жылдары клуб таланып-талкаланып, кароосуз калган. 2012-жылы ЖӨБ органдары клубду калыбына келтирүүгө, бул үчүн каржылык жардам издөөгө аракет жасашкан болчу. Ошондо КР Финансы министрлигинен 3 миллион сомдук дем берүүчү грант келген. Айыл өкмөтү да жергиликтүү бюджеттен 600 000 сом көлөмүндө каражат бөлгөн. Ошентип клуб оңдолуп, калыбына келтирилген.

Демөөрчүлөрдүн каражатына 200 отургуч, сахна үчүн декорация жана клубдун аталышы жазылган көрнөк сатып алынган. Айыл өкмөтү парда, килем, палас сатып алып, жыл сайын клубга ремонт жасап турат, электр жарыгына кеткен чыгымды көтөрөт. Бирок дагы бир маселе чечилбеген бойдон калган – жылуулук жок болчу.

“АДК үнү” Долбоорунун алкагында ЖМБА-иш-чаралары өткөрүлгөн. Мында башка артыкчылыктуу көйгөйлөр менен бирге (таштанды жыйноо жана жок кылуу, көчөлөргө жарык берүү) клубда жылуулуктун жоктугу көйгөйү да айтылган. 2015-жылы бул маселе айылдык кеңештин сессиясында каралып, бекитилген Биргелешкен аракеттер планына (БАП) кошулган. Көйгөйдү чечүүгө жергиликтүү бюджеттен 150 000 сом бөлүнгөн. Натыйжада 2016-жылдын III кварталында жылытуучу-калориферди орнотуу пландалган. Ошондой эле таштанды чыгаруу маселеси да гранттын жана айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен алынган 4 миллион сомго атайын техниканы сатып алуу жолу менен чечилген.

Бул мүмкүнчүлүктөрдүн баарын ЖӨБ органдары жамааттын жана АДКнын тикелей катышуусу менен түзүп жатышат. Айылдын көйгөйлөрүн мындан ары чечүү үчүн жамаат арасында көбүрөөк маалымат жайылтуу зарыл. Муну менен кайдыгерликти, пассивдүүлүктү жеңип, жакшы жагына өзгөрүүлөрдү колдогон тарапкерлерди тартууга болот. Бенефициарлар: тикелей – 400 киши, кыйыр – 600 жашоочу.

Байгеге алынган суммага калкты маалымдоо боюнча коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн жабдуу сатып алынды: үн күчөткүчтөр, динамикалар жана проектор. Айыл өкмөтү жана АДК мындан ары иш-чараларды, чогулуштарды жана акцияларды талаптагыдай жана сапаттуу деңгээлде өткөрө алышат. Сатып алынган жабдуулар жашоочуларды маалымдоо жолу менен айылдын калган чечиле элек маселелерин жөнгө салууга дем берет.

### Калк үчүн маалымат борборун уюштуруу

***Улахол айылдык аймагы, Тоң району, Ысык-Көл облусу – конкурста ээлеген төртүнчү орун үчүн 30 000 сом көлөмүндөгү байге.***




Шор-Булак айылында СССР кулаган мезгилден бери таза суу болгон эмес. Акыркы учурларда АДК демилгеси боюнча донор уюмдардын жардамы менен жок дегенде айылдагы жалгыз мектептин окуучулары таза сууну колдоно алышы үчүн суу өткөрүлгөнү кубандырат. Чоң иштер жасалды: траншея казылып, суу түтүк трубалары өткөрүлүп, мектептин кире беришинде жана жалпы ашканада чакан насос скважинасы, сантехникалык жабдуулар жана суу жылыткычтар орнотулду. Балдар жок дегенде тамак алдында колдорун жылуу суу менен чайкай алышат. Бул болсо окуучулар арасында жугуштуу оорулардын санын азайтат.

Маалымдоо боюнча балдар жана айыл тургундары менен мындан аркы иштерди жүргүзүү зарыл. Ооруларды алдын алуу жана болтурбоо боюнча иштерди жүргүзүш керек. АДК брошюралар, буклеттер аркылуу калкка маалымат жеткирүүдө. Бирок мындан дагы көбүрөөк эффективдүүлүк үчүн мектептин базасында маалымат борборун уюштуруу зарыл. Бул борбордо айыл жашоочуларынын ден соолугун бекемдөө боюнча слайд-шоуларды, тасмаларды, социалдык роликтерди көрсөтүп туруу пландалууда. Ошондой эле айыл көйгөйлөрү чагылдырыла турган өз тасмаларын даярдоо бо-

ючка пландар да бар. Бенефициарлар: тикелей – 253 окуучу, 21 педагог; кыйыр – 1570.

### Балдардын жана жаштардын бош убактысын өткөрүүсү

***Он бир-Жылга айылдык аймагы, Чүй району, Чүй облусу – конкурста ээлеген бешинчи орун үчүн 20 000 сом көлөмүндөгү байге.***



Аймак дотацияда турат, өз бюджети болгону 3 миллион 80 миң сомду түзөт. Бул бюджеттик каражат муниципалдык объекттерди күтүүгө өп-чап жетет. Айылдык чогулуштарда адамдар көптөгөн башка маселелерди чечүү үчүн айыл өкмөтүнө кайрылышат. Бирок аймак дотацияда болуп, акча жетишсиздигинен улам жергиликтүү бийлик дайыма эле колдоо көрсөтө бербейт.

Маданият айылында таза сууга жетимдүүлүк маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. 1999-жылы айыл жашоочуларынын аракети менен 4 000 АКШ доллары көлөмүндө грант утуп алынган жана бул каражатка узундугу 4 км келген труба төшөлгөн. Бардык жумуштарды элеттиктер ашар жолу менен бүтүрүшкөн. Бүгүнкү күндө айыл таза суу ичип жатат. Элеттиктер айылдын өнүгүүсүнө дайыма жигердүү катышып келишет. Айылдын бизнесмендери маданий комплекстин курулушуна акча бөлүшкөндө жашоочулар мында да четте карап турушкан жок жана өз күчү менен комплексти тургузушкан.

2014-жылы ЖӨБ органдарынын жана АДКнын демилгеси боюнча көчөлөрдүн бирине жарык берилген. 2015-жылы демөөрчүлөрдүн каражатына сугат сууну бөлүштүрүү үчүн шлюздар курулган. Алардын жардамы менен сугат суунун чыгымын 20% кыскартуу мүмкүн болду. Айыл өкмөт башчысынын ишениминде, эгерде долбоор жашоочулардын колдоосуна ээ болсо, анда бардык жумуштар толук көлөмдө жана өз мөөнөтүндө аяктамакчы.

Айылдык мектепте 130 окуучу билим алат. Бул айылда клуб бар. Клубда иш-чараларды жана майрамдарды өткөрүү үчүн жаштар чогулуп турат. Бирок клубда аппаратура жок. Айылдык чогулуштарда АДК өкүлдөрү, активисттер бул маселени бир нече жолу көтөрүшүп, чечүүгө аракет жасашкан. ЖӨБ органдары болсо жабдуу сатып алгысы келгени менен, каражат дайыма жетишсиз болуп келген.

Байге утуп алган учурда каражаттар видеожабдууну, проекторду, үн күчөткүчтөрдү сатып алууга багытталат. Ошондой эле клубга караштуу бий ийримин уюштуруу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Жаштар уюштуруу иштерине тартылып, пайдалуу көндүмдөргө ээ болушат жана жаңы демилгелерди көтөрүп чыгышат. Мындан тышкары АДК ЖӨБ органы менен биргеликте тамеки тартуунун, алкоголдук ичимдиктердин, баңгизаттардын зыяны, балдарга карата зомбулук тууралуу материалдарды басып чыгарууну пландоодо. Бул материалдар жаштарга жана калган элеттиктерге чоң таасир тийгизет.

Бенефициарлар: тикелей – 130 бала, кыйыр – айылдын 863 жашоочусу.

Он бир-Жылга айылдык аймагы үчүн байге каражаттарына проектор сатып алынып, айыл өкмөттүн карамагына өткөрүлүп берилди. Проектор коомдук иш-чараларда маалыматтарды жайылтуу үчүн колдонулуп жатат.

### Маалыматтык бюллетень

***Александровка айылдык аймагы, Москва району, Чүй облусу – конкурста ээлеген бешинчи орун үчүн 20 000 сом көлөмүндөгү байге.***



Буга чейинки долбоорлордун алкагында акыркы үч жылда ЖМБА-иш-чаралары өткөрүлүп, алардын алкагында төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталды: 1) таштанды чыгаруу үчүн транспорт сатып алуу; 2) Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун процедуралык кабинетинде жана лабораториясында капиталдык ремонт жасоо; 3) көчөлөргө асфальт төшөө; 4) эки орто мектептин морлорун оңдоо; 5) көйгөйлөрдү чечүү боюнча маалымат өнөктүгү. Бул маселелердин баары жамааттын жана ЖӨБ органдарынын бекитилген Биргелешкен аракеттер планына кирген. ЖӨБ органдары демөөрчүлөрдү тартып, таштанды чыгаруу үчүн транспорт сатып алып, ошондой эле жолдорго асфальт төшөөгө грант утуп алышты. Айыл өкмөтү өз каражатына Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратында ремонт жасап, мектептеги трубаларды оңдоп чыгышты. Аймактын жетишкендиктери жөнүндө маалыматты жайылтуу маселеси техникалык-материалдык камсыздоонун жоктугунан улам чечилбей келе жаткан. Бенефициарлар – тикелей – 6 735 киши.

Маалымат бюллетенин чыгаруу үчүн Александровка айылдык аймагына байге каражатына сатып алынган түстүү принтер берилди. Бул принтер маалымат бюллетенин чыгарууга жардам берет.

### Окуучуларга тамактанууну уюштуруу

***Жаңы-Жол айылдык аймагы, Токтогул району, Жалал-Абад облусу – конкурска катышканы үчүн 15 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байге.***



Айылдагы орто мектепте 241 бала билим алат. Алардын ичинен 97 бала 2012-жылы донордун жардамы менен курулган мектеп ашканасында тамактанат. Айыл өкмөтү муздаткыч, 6 стол жана 12 отургуч сатып берген. Өз кезегинде окуучулардын ата-энелери дагы ашканага идиш-аяктарды белек кылган. АДК өз фондунан белек берүүнү чечти – жаңы меш сатып берди. Бирок мештин кубаттуулугу жетпегендиктен ал тамак үчүн суу бир нече саат бою ысытчу. Ашкананын ашпозчусу тамакты убагында даяр кылуу үчүн өтө эрте келүүгө мажбур эле.

Ашканада зарыл шарттар түзүлгөн эмес: шкафтар болбогондуктан идиштер көрүнгөн жерде турчу. Колдорду жана идиш-аяктарды жууш үчүн шарт да жок. Мындан улам сууну ашканадан 150 метр алыстыктагы булактан ташып келишчү. Ушунун айынан балдар тамак алдында дээрлик колдорун чайкашчу эмес. Айрым балдарга ата-энеси сумкасына самын жана суу толтурулган бөтөлкөнү кошо салып берчү. Мына ушулардын баары ЖМБА-сессияларында да айтылды.

АДК жана ЖӨБ органдары бул демилгени биргелешип колдоп берүү менен, электр меши колго тийгенден кийин ашпозчуларда ысык, толук кандуу тамакты өз убагында даяр кылуу үчүн мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болот деп ишенишет. Жуунгучтар болсо, балдар тамак алдында колдорун чайкап алмак, бул болсо жугуштуу оорулардын санын бир кыйла кыскартмак эле. Идиш-аяктар болсо ирээти менен, таза түрүндө сакталмак.

Бенефициарлар: тикелей – 97 бала, кыйыр – 144 окуучу.

Колго тийген байге каражатына окуучуларды ысык тамак менен өз убагында камсыздоо үчүн мектеп ашканасына электр меши өткөрүлүп берилди.

### Көчөнү жарык менен камсыздоо

***Курама айылдык аймагы, Панфилов району, Чүй облусу – конкурска катышканы үчүн 15 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байге.***



Көчөгө жарык берүү боюнча демилгеге караңгы көчөлөргө байланышкан көптөгөн көйгөйлөр себеп болду. Көчөлөр караңгы болгон үчүн бутун кокустатып алгандар өзгөчө пенсионерлер, кош бойлуу аялдар, балдар арасында көп болду. Бул көйгөй да "АДК үнү" Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн ЖМБА-иш-чаралары маалында аныкталды. ЖМБА-сессияларында жашылдандыруу иштеринин чабалдыгы, мектептеги жылуулуктун жетишсиздиги, жолдордун начар абалы жана ишембиликтердин өткөрүлбөй жатканы өңдүү башка да көйгөйлөр айтылган. Айыл өкмөтү аныкталган көйгөйлөрдү чечүү максатында ички үч жолдун ремонтуна деп жергиликтүү бюджеттен каражат бөлгөн. Мектептин жылуулук системасын оңдоого каражаттын 60% демөөрчүлөр берген. Мындан тышкары айыл өкмөтү мектептин жана фельдшердик-акушердик пункттун аймагын жашылдандыруу үчүн 2000 түп терек сатып алган. Көчөттөрдү отургузуу жана аймакты көрктөндүрүү боюнча бардык уюштуруучулук иштерди АДК мүчөлөрү жамаат менен биргелешип жасаган.

Өткөн жылдарга салыштырмалуу калктын жигердүүлүгү бир кыйла өстү. Айылдагы көйгөйлөрдү чечүүгө кызыгуу пайда болуп, айыл өкмөтү өткөргөн коомдук иш-чараларда активдүүлүк пайда болду. Бардык жыйынтыктар болсо маалымат такталарына илинүүдө.

Пландар боюнча, келечекте караңгы көчөлөрдүн көйгөйү чечилди. Бул үчүн 83 плафон, 83 лампа, 2480 метр кабель, 83 күйгүзүп-өчүргүч, 83 каптама изолента сатып алынган. Жарык берүүчү алеттерди орнотуу иштери айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен жүргүзүлөт. Макулдашууга ылайык, жарык үчүн чыгымды бенефициарлар менен бирге жашоочулар өздөрү да көтөрүшөт.

Көчөгө жарык орнотулгандан кийин АДК менен ЖӨБО кырсыктардын, ошондой эле кылмыш-

тардын саны азайып, айыл көркүнө чыгат деп үмтөтүшөт.

Бенефициарлар: тикелей – 280 киши, кыйыр – 680 киши. Байгенин каражатына зарыл болгон көлөмдө жабдуу сатып алуу мүмкүн болбогондуктан, АДК менен ЖӨБО бала бакча үчүн кир жуугуч машине сатып берүү өтүнүчү менен долбоорго кайрылды. Бул болсо бала бакчада зарыл болгон санитардык-тазалык нормаларын камсыздайт. Өз кезегинде айыл өкмөтү зарыл болгон коммуникацияларды өткөрүп, кир жуугуч машинени өз эсебинен орнотуп берүүнү убада кылды.

## Жабдууларды жана машыктыргычтарды сатып алуу

***Гроздь айылдык аймагы, Аламүдүн району, Чүй облусу – конкурска катышканы үчүн 15 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байге.***



Гроздь айылындагы АДК аймактын ЖӨБ органы менен тыгыз жана жемиштүү кызматташып келатат. Айталы, 2012-жылы АДК донордук каражаттардын эсебинен фельдшердик-акушердик пункт курган. Баары болуп курулуш иштерине бир миллион сомдон ашык акча сарпталган. Айыл өкмөтү тарабынан аянты 6 сотик жер участогу бөлүнүп берилип, тийиштүү документтерди жол-жоболоштурууга кеткен чыгымдар төлөнгөн. Калк да 63 000 сом салым кошсо, жергиликтүү демөөрчүлөр 28 000 сом бөлүп беришкен. Жаңы курулган фельдшердик-акушердик пункттун кызмат көрсөтүүлөрүн 2 176 жергиликтүү тургун колдонууда.

Айыл өкмөтү менен биргелешип, АДК кургак учук, тамеки тартуу, аракечтик менен күрөшүү боюнча акцияларды өткөрдү. Бул акциялар калкты сергек жана жигердүү жашоого үндөө максатында уюштурулду. Жарыштарга жана башка спорттук иш-чараларга тартылган акциянын жигердүү катышуучуларына байгелер ыйгарылды. Айыл өкмөтү тарабынан ар бир иш-чарага 2 000 сомдон бөлүнүп турду.

2015-жылдын соңунда АДК тарабынан айылдын борборунда балдар аянтчасын орнотуу тууралуу сунуш киргизилип, бюджеттен 100 000 сом бөлүнгөн жана ушул тапта долбоор ишке ашырылды.

Айыл өкмөтүнүн жана АДКнын демилгеси боюнча калк менен жолугушуулар жана чогулуштар өтүп турат. Ал чогулуштарда катышуучуларга социалдык-экономикалык өнүгүү планынын, бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы тууралуу маалыматтар берилип, долбоорлор жана АДК киргизген сунуштар каралат.

АДК мүчөлөрү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктап чыгып, аларды чечүү жолдорун, каражатты издешет. 2015-жылы АДК ЖӨБО менен биргеликте ЖМБА усулун колдонуп, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктады. Гроздь айылынын жаштары жана жигердүү жашоочулары үчүн спорт менен алектенүүгө шарттардын жоктугу бул көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Гроздь айылындагы АДК мектептерде билим алган элеттик жаштардын жана жамаат мүчөлөрүнүн бош убактысын пайдалуу өткөрүү ишин уюштуруу максатында айыл өкмөтүнүн карамагында турган имаратта машыктыруучу залга жабдуу алуу демилгесин колдоду. Айылда Маданият үйү жана башка инфраструктура жок. Бул көрүнүш жаштарды терс жолго түшүүгө түртүп жатат. Анткени бош жүргөн жаштар тамеки тартып, алкоголдук ичимдиктерди, насыйбайды колдонушууда. Натыйжада айылда кылмыштуулук да көбөйдү. АДК долбоор жазып, донордук уюмдун колдоосу менен аны ишке ашырды. Жыйынтыгында орто мектептеги гимнастика залы ремонттолуп, атайын спорттук шаймандар сатып алынды.

Жалпысынан 387 084 сом сарпталса, анын ичинен айыл өкмөтү 96 800 сом бөлдү. Гимнастикалык залдын шаймандары айыл өкмөттүн карамагына өткөрүлүп берилди. Учурда гимнастикалык залдын кызмат көрсөтүүлөрүн 1-класстан 4-класска чейинки окуучулары – 229 бала, ошондой эле 65 жашка чейинки 30 киши колдонууда. Негизинен булар аялдар. Себеби зал гимнастика менен алектенүү үчүн ыңгайлаштырылган. Анткен менен, Гроздь жана кошуна айылдардын калкы арасында машыктыруучу залга келүүнү каалагандардын саны көп. Бул зал жаштарды сергек жашоого үйрөтүп, элеттиктерге ден соолугун чыңдап алууга жардам берүүдө.

Ушул тапта негизги тапшырма – жергиликтүү жамааттын эркектеринин бош убактысын өткөрүүсүн уюштуруу. Тагыраак айтканда, машыктыруучу залды оңдоо жана жабдуу киргизүү. Айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде ремонтту талап кылган жай бар. Бул үчүн бюджеттен 100 000 сом бөлүндү. Келечекте бул имаратта ремонт жасоо пландалып жатат.

АДК жана ЖӨБ органы машыктыруучу залдын ачылышы айылдагы эркектердин бош убактысын спорт менен өткөрүүгө жардам берет. Спорт – ден соолуктун жана узак өмүрдү кепили.

Бенефициарлар: тикелей – 60 киши, кыйып – айылдын 500 тургуну.

Долбоор байге каражаттарына машыктыруучу зал үчүн гантелилерди сатып алып, айыл өкмөтүнө өткөрүп берди. М

**Жылдыз КЕРИМОВА, Кулубек ТУРГАНБАЕВ,**
"АДК үнү" Долбоорунун адистери

# Мектепке карай коопсуз жол: жарандардын жана ЖӨБдүн жалпы жеңиши




Денис АНАРБАЕВ 12 жашта. Денис абдан жакшы окуйт жана муну көптөгөн ардак грамоталары менен дипломдор тастыктап турат. Үйдө болсо Денис ата-энесине чарба иштеринде жардам берип, эки карындашына камкор бир тууган.

Бирок дайыма эле мындай болгон эмес. Денис жана карындаштары Адашгүл менен Айнура мектепке барып келгенче көп кыйынчылыктарды башынан өткөрүшчү.

Денистин айылы – Ноокен районунун Масы айылдык аймагындагы Кызыл-Кыштак айылы район борборунан 10 километр аралыкта жайгашкан. Денис барган орто мектеп да ушул борбордо орун алган. Денис жана анын карындаштары үчүн күн таң агара электе башталчу. Мектепке жетиш үчүн өзгөчө кыш мезгилинде караңгы, ээн жерден, авариялык абалдагы көпүрөдөн өтүшчү. Жолдо баратканда алдынан чөөлөр же жолбун иттер чыга калышы мүмкүн деген да тобокелдик бар болчу.

Бир жолу Денис катуу ооруп калып, дене табы көтөрүлгөндө атасы медициналык жардам алуу үчүн район борборуна чейинки жолду жөө басып өтүп, уулун колуна көтөрүп келген. Карындаштары Адашгүл менен Айнура да мектепке баратканда кырсыкка учурашкан. Бирде жолдо машине коюп кетсе, дагы бир жолу жолбун иттер талаган. Бактыга жараша, алар көп жабыркаган эмес.

Мына ушундай окуялардан кийин ата-энеси үч баласын тең Кочкор-Ата шаарындагы интернатка киргизишкен. Балдар ата-энеси менен эң жакшы дегенде аптасына бир жолу көрүшүп турчу. Балдардын окуусуна жана тарбиясына дайыма эле көз салып туруу мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

Айсалкын САТАРОВА, Денистин апасы: "Балдарымдын жанымда болбогону мени абдан капа кылар эле.





Кимдир бирөө алардын көңүлүн оорутуп коёбу, же жакшы тамак ичпей калышабы деп тынчсыздана берчүмүн. Башка жерде жашаган балдар менден алыстап кетеби, же жүрүм-туруму начарлайбы деп ойлоно берчүмүн".

Мунун баары Кыргызстанда XXI кылымда болуп жатканына ишениш кыйын. Бирок – бул ачуу чындык.

2014-жылы Кызыл-Кыштак айылынын Айылдык ден соолук комитети (АДК) "АДК үнү" Долбоорунун пилоттук катышуучусу болуп калды. АДК Долбоорун ишке ашыруу маалында жергиликтүү жашоочулар жамааттын көйгөйлөрүн аныктап, аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеткиришти. Денистин ата-энеси да айылдын көйгөйлөрүн чечүү боюнча бардык иш-чараларга жигердүү катышты. Балдарды татыктуу билим берүү менен камсыздоо – бардык жашоочулардын эң башкы жана көйгөйлүү маселеси деп аныкталды.

Кандалат ТОКТОСУНОВА, Кызыл-Кыштак айылынын АДК төрайымы: "Бир нече жыл мурда жергиликтүү жашоочулар өз көйгөйлөрүн өздөрү чече алаарын элестете да алышкан эмес. "АДК үнү" Долбоорунун иш-чараларына катышкандан кийин жергиликтүү тургундар бир нерсени түшүнүштү: эгерде жамаат маселелерди чечүү үчүн өзү демилге көтөрбөсө жана аны чечүүгө катышпаса, биз татыктуу шарттарды көрбөй, жакшы жагына өзгөрүүлөргө күбө болбойбуз".

ЖӨБ органдары көп жылдардан бери чечилбей келе жаткан маселени болгон күчү менен чечүүгө аракет жасашкан. Бир нече жылдардан бери мамлекет Кызыл-Кыштак айылындагы мектептин курулушун аягына чыгара албай келатат. Өз кезегинде Масы айыл өкмөт башчысы Махмуд МАМАТОВ өзүнө ишенген командасы менен биргеликте көп калктуу аймактын көйгөйлөрүн чектелүү жергиликтүү бюджеттин эсебинен, же болбосо сырттан инвестиция тартуу жолу менен чечкенге аракет жасап келет.


2016-жылы сырттан тартылган гранттык каражаттардын жардамы жана жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен акыры жергиликтүү балдар үчүн "эң мыкты" микроавтобус сатып алынды. Эми балдар мектепке коркпой жана тез барып келишет. Балдарды ата-энесинен ажыратууга муктаждык жок. Энелер болсо балдары үчүн коркпой калышты.

Махмуд МАМАТОВ, Масы АӨ башчысы: "Кызыл-Кыштак айылынын АДКсы аймактын өнүгүүсүндө биз үчүн чоң жана өтө маанилүү чынжыр болуп калды. Акыркы жылы АДК менен кызматташып, калктын турмуш шартын бир кыйла өзгөртө алдык. Жергиликтүү жашоочулар аймактагы иш-чараларга мурдагыдан дагы жигердүү катышууда. АДК менен Кызыл-Кыштак айылынын жергиликтүү калкынын жигердүү катышуусу менен транспортту гана сатып албастан, ошондой эле айылдагы негизги жолго асфальт төшөп, жол боюна чатыры бар аялдама коюп, мындан тышкары авариялык абалда турган көпүрөнү оңдой алдык. Ошондой эле бул жылы ЖӨБ органдары ФАП жана АДК кабинети үчүн контейнерди орнотууга участокту бөлүп берди. Эми жергиликтүү тургундар өз айылында дарыланып, кеп-кеңештерди алып турушмакчы".

Жакшыртылган шарттарды жөн гана ийгилик катары баалоого болбойт. Бул – Масы айыл өкмөтүнүн, Кызыл-Кыштак айылынын АДК жана элет калкынын күчтүү, көп эмгекти талап кылган ишинин жыйынтыгы болду. Үч тарап тең жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуу менен, өз балдарынын гана эмес, ошону менен бирге бүтүндөй аймактын өнүгүүсү үчүн да чоң салым кошушту.

Эми Денис, Адашгул жана Айнура ата-энесинин жанында, өз үйүндө жашап жатышат. Кечкисин үй-бүлө бир дасторкон үстүндө чогулуп, сабактарга жана кийинки күнгө чогуу даярданышат. M





# Таза сууга коопсуз жеткиликтүүлүк: кырсыктардын ордуна жаңы үмүт



**Жылдыз КЕРИМОВА,**
**Кулубек ТУРГАНБАЕВ,**
“АДК үнү” Долбоорунун адистери

Өлкө калкынын саны өскөн сайын аны менен бирге ресурстарга, таза сууга дагы талап өсүп жатат. Аны менен катар таза суу адамдын саламаттыгына чоң таасирин тийгизери белгилүү.

Савай айылы Ош облусунун Кара-Суу районундагы Савай айылдык аймагында Өзбекстандын чек арасынын жанында жайгашкан. Айыл көп калктуу жана этностук жактан көп түрдүү болуп саналат. Өлкө эгемендик алгандан бери Савай айыл аймагынын ЖӨБ органдары аймакты өнүктүрүү менен катар ресурстарга жеткиликтүүлүк маселесин да чечүүгө аракет жасап келүүдө. Тилекке каршы, жашоочулардын саны өсүп, жаңы турак жайлар пайда болгону менен, жергиликтүү бийлик ресурстар таңсыктыгы көйгөйүн бир заматта чече албай жатат. Савай айылы менен кошуна өлкөнүн ортосунан чоң Түштүк-Фергана каналы өтөт. Бул канал тегеректеги ирригация үчүн курулган. Үйлөрүнө суу түтүк тармагы өткөрүлбөгөн жаңы конуштардын жашоочулары сууну ирригациялык каналдан алып ичишчү. Канал суусунун санитардык-гигиеналык абалы чеке жылытпаганы менен, жашоочулар бул сууну айла жок колдонуп келишкен. Натыйжада чоңдор да, балдар да ооруп, маал-маалы менен ичеги-карын оорулары, атүгүл А гепатити да чыгып турган. Бирок эң коркунучтуусу – каналдан суу алам деп бир нече адам агып кеткен. Бөөдө кырсык айыл тургуну Айсалкындын үйүн да кыйгап өткөн жок: каналга барган жолдошун суу агызып кеткен эле. Ошондон бери жалгыз бой аял



үч баланы өзү багып келатат. Дагы жакшы, ага жакындары, кошуналар жана карапайым адамдар кол кабыш кылып келет.

2015-жылы Айсалкын айыл тургундары менен кошо жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо боюнча иш-чарага катышкан. Иш-чараны Савай айылынын Айылдын ден соолук комитети өткөргөн эле. Айылда көйгөйлүү маселелер көп эле. Бирок буга чейин маселени чечүү үчүн эч ким демилге көтөрүп чыккан эмес. Адамдар жакындарын бөөдө кырсыктарда жоготкон, же турмуш шарттын начардыгынан түрдүү ооруларга кабылган кырдаалды өзгөртүш керек болчу. Жашоону жакшы жагына өзгөртүп, өз үнүн бийликке жеткирип, айылды өнүктүрүүгө катышуу – бул Айсалкын көздөгөн максатка айланды.

Савай Айылдык ден соолук комитети Бүсайра АМАТОВАнын төрагалыгы алдында "АДК үнү" Долбооруна катышып, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жарандарды тартуу боюнча бардык баскычтардан өтүштү. Жергиликтүү тургундар көтөргөн негизги көйгөйлөр – таза суу, көчөлөргө жарык берүү, ички жолдорду оңдоо. Бул көйгөйлөрдү АДК анализдеп чыгып, негизги документке – Савай ААнын Биргелешкен аракеттер планына кошту.

Савай ААнын ЖӨБ органдары сабаттуу жана жигердүү коомдук ишмер, кичи мекени үчүн чын дилинен күйүп, айылындагы турмушту жакшы жагына өзгөртүүгө жан үрөгөн Бүсайра АМАТОВАнын бардык демилгелерин колдоого аракет кылып келишти.

Бардык аныкталган жана буга чейин чечилбей келаткан айылдын маселелери жергиликтүү жашоочулардын жигердүү жана сабаттуу катышуусу менен ЖӨБ органдардын жана жергиликтүү тургундардын күчү менен аягына чыкты. Айыл өкмөтү бир нече ички көчөлөргө майда таш сээп чыкты. Буга чейин жамгыр жааганда эле бул көчөлөрдөн машине да өтө албай, жөө басып өтүүгө да мүмкүн болбой калчу. Мындан жергиликтүү тургундар жана балдар азап тартчу. Ошондой эле көчөлөргө жарык берилип, муну менен айылдагы жакшы өзгөрүүлөрдүн тизмеси узарды.

Элеттиктердин да айылдын өнүгүүсүнө кошкон чоң салымы кубандырат. АДК айылынын жана жергиликтүү активисттердин, алардын катарында Айсалкындын да таза суу көйгөйүн чечүү боюнча демилгесин баары колдоп беришти. Элүү үй-бүлө тең өз ыктыяры менен чөнтөгүнөн акча чыгарып, үйлөрүнө 200 метрден ашык суу түтүгүн өткөрүп келишти.

Савай айылынын жашоочусу Айсалкын: "Бүсайра эже башында турган биздин АДКнын иши баарыбыз үчүн таза абадай эле болду. Бүсайра эже бизди жигердүү болууга, көйгөйлөргө кайдыгер мамиле жасабоого, айылдагы жашоону өзгөртүүгө, ошол өзгөрүүлөргө биргелешип умтулууга үйрөттү. Эми акырындап отуруп, бирок туура кадамдарды таштоо менен жашоо жакшы жагына өзгөрүп жатат".



Бүсайра АМАТОВА, Савай АДК төрайымы: "Айылда ЖМБА боюнча иш-чаралар биринчи жолу өттү. Элеттиктер иш-чараларды колдоп, аларга чоң кызыгуу менен катышты. Биздин айылда адамдар бизди курчап турган көйгөйлөрдүн баары ден соолугубузга да байланыштуу болгонун түшүнүштү. ЖӨБ органдары АДКны болушунча колдоп жатканы мени абдан кубандырат. Биз аймактагы өзгөрүүлөрдүн маанилүү бир бөлүгү болуп калдык". M

**Жылдыз КЕРИМОВА,**
**Кулубек ТУРГАНБАЕВ,**
"АДК үнү" Долбоорунун адистери

# Бардыгы үчүн жашоонун жана саламаттыктын коопсуз шарттары: көчөлөрдү жарыктандыруу, балдар аянтчасы, жашылдандыруу жана спорт

Гроздь айылдык аймагы туура башкаруунун арты менен 2015-жылы дотациядагы аймактардын катарынан чыккан муниципалитеттердин бири. 3542 адам жашаган аймак беш айылдан турат.

2015-жылы Гроздь Айылдык ден соолук комитети "АДК үнү" Долбоору менен кызматташа баштаган. Аталган Долбоордун алкагында Гроздь айылындагы АДК үчүн жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) боюнча иш-чараларды өткөрүү жана жергиликтүү жамааттын өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо негизги тапшырма болду. Талкуулай келгенде көйгөйлөр көп болуп чыкты жана АДК бул маалыматтардын баарын чогултуп, анализдеп чыгып, Гроздь ААнын ЖӨБ органдарына өткөрүп берди. Артыкчылыктуу көйгөйлөргө жасалган анализдин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана Айылдык ден соолук комитетинин Биргелешкен аракеттер планы (БАП) иштелип чыкты. Айыл өкмөт башчысы Сыргак КЫДЫКЕЕВ жана депутаттык топ АДКнын демилгелерин көңүл сыртында калтырып койбостон, жамааттын көйгөйлүү маселелерин чечүү үчүн каржылоо булактарын издөөгө киришти.



Бүгүнкү күндө Гроздь айылында 2015-жылы аныкталган жана БАПка кирген бардык артыкчылыктуу маселелер дээрлик чечилип калды. Чогулушта балдар ойной турган коопсуз жердин жоктугу, караңгы көчөлөр, айылда бак-дарактардын аздыгы, өсүп келаткан муундун бош убактысын өткөрүүсүн уюштуруу өңдүү маселелер артыкчылыктуу деп табылган. Бул маселелерди жергиликтүү бюджеттин, донорлордун жана жамааттын өзүнүн күчү менен чечүү үчүн балдарга оюн аянтчасы курулуп, айылдагы эки ички көчөгө жарык берилип, бак-дарактарды отургузуу боюнча иш-чаралар өткөрүлүп, жергиликтүү жамааттын сыймыгына айланган спорттук-ден соолукту бекемдөөчү борбор уюштурулган.

Албетте, улуу муундун балдарга карата негизги жоопкерчилиги – бул балдарды ээн-эркин ойноп, өнүгө ала турган коопсуз чөйрө менен камсыздоо. Анткени ар бир ата-эне анын баласы жакшы өнүгүп, татыктуу билим алуусун каалайт эмеспи. Балдар аянтчасы – бул эрте куракта жоопкерчиликти өнүктүрүү, ошондой эле бош убактысын ар түрдүү пайдалуу иштер менен өткөрүү, таза абада көбүрөөк ойноо үчүн мыкты вариант. Гроздь айылынын АДК төрайымы, айылдык кеңештин депутаты Кулжакуль КОЙЧУБЕКОВАнын демилгеси көп жылдан бери чечилбей келе жаткан маселени ордунан козгоого түрткү болду. Бул маселенин маанисин түшүнүү менен АДК АӨ башчысы, АК депутаттары менен биргеликте өзгөрүүлөргө себепчи болушту. Айталы, 2015-жылы балдар аянтчасы үчүн ЖӨБ органдары участок бөлүп беришип, аянтча үчүн зарыл болгон шаймандарды – күүлөнчөктөрдү, селкинчектерди, дөбөнү, турниктерди 100 миң сомго сатып беришти. Өз кезегинде жамаат да 30 миң сом көлөмүндө эмгек түрүндө салым кошту. Жергиликтүү тургундар бала бакчаны талапка ылайык келтиришти. Ушул тапта балдар аянтчасы курулуп бүтүп, жергиликтүү наристелерге

кубаныч тартуулай баштады. Гроздь айылынын жашоочусу: “Балдар аянтчасы – жакшы иш болду. Буга чейин балдарыбыз ойной турган жер болбогондуктан көчөдө, жол боюнда ойношчу. Эми балдарыбыз коопсуз жерде ойной алышат”.

Гроздь айылында элүүдөн ашык үй-бүлө жашаган жаңы конуштагы дагы бир көйгөйлүү маселе электр жарыгы болду. Конуш түшкөндөн бери жарык өңдүү цивилизациянын белгилеринин бири жок болчу. Бүгүнкү күндө бул маселе дагы жергиликтүү жамааттын күчү менен чечилди: трансформатор сатып алынып, электр устундары орнотулуп, жогорку вольттогу электр зымдары өткөрүлдү. Мунун баарына, эсептөөлөр боюнча, 1 млн. 100 миң сом керек эле. Бул оңой эмес акча. Бирок жалпынын аракети менен жамаат бул сумманы чогултуп берди. Мындан тышкары ар бир үй-бүлө өз акчасына үйүнө линияны өз алдынча өткөрүп алууга милдеттендирилди. Эки ички көчөнү жарыктандыруу маселесин чечүүгө айыл өкмөтү 90 миң сом бөлдү. Бул акчага көчө чырактары сатып алынып, орнотулмакчы.

Жашылдандыруу көйгөйү башка аймактардагыдай эле, бул айылда да курч турат. Бирок жашылдандыруу – бул биринчи кезекте жашоочулардын ден соолугу, таза аба, жакшы эс алуу жана жайлуулук эмеспи. Гроздь айыл өкмөтү жергиликтүү тургундар үчүн жашылдандыруунун өзгөчө маанисин түшүнүү менен, аймактын экологиялык абалын жакшыртууга чакан, бирок өтө маанилүү салым кошту. Айыл өкмөтү 37 миң сом бөлүп, анын 12 миң сомуна Павлония[1] дарактарынын көчөттөрү сатып алынды. Дарактар мектептин жана айыл өкмөттүн аймагында отургузулду. Атүгүл жергиликтүү бийлик элет көчөлөрүн жашылдандыруу үчүн калкка 2 500 сомго теректин 1 510 көчөтүн сатып алып, калкка таратып берди.

Спорттук-ден соолукту бекемдөөчү борборду уюштуруу маселесин чечүү демилгеси бир нече жолу көтөрүлгөн. Келечекте дени сак муунду тарбиялап, жаштарды, балдарды, негизи эле калкты ден соолугун бекемдөөгө тартуу маселесин чечиш керек болчу. АДК айыл өкмөтү менен биргелешип бул маселени 2015-жылы чечти. Жергиликтүү бийлик айылдын мектебинде гимнастикалык залды уюштуруу үчүн чоң кабинет бөлүп берди. Ошондой эле залдын ремонтуна 389 миң сом көлөмүндө каражат бөлүндү. Болгондо да Кулжакуль КОЙЧУБЕКОВА 289 200 сом көлөмүндө финансы каражатын эл аралык уюмдан тарта алды. Айыл өкмөтү да өз салымын кошуп, 96 800 сом, ал эми жергиликтүү жамаат 12 миң сом беришти.

Эми залда 20га жакын аял жана кыздар күн сайын гимнастика менен алектенишет. Мындан тышкары айылдагы мектептин кенже класстары үчүн дене тарбия боюнча сабактар өтүп турат. Кошумча чогултулган 12 700 сомго жергиликтүү жамаат зал үчүн шаймандарды сатып алды. Гроздь айылындагы АДКнын жана жергиликтүү тургундардын кийинки кадамы – гимнастикалык залды андан ары өнүктүрүү.




Билял КЫДЫКЕЕВ, Гроздь АӨ башчысы: “Биз үчүн аймакты өнүктүрүүдө негизги принцип ЖӨБ органдарынын Айылдык ден соолук комитети (АДК), ошондой эле жергиликтүү жамаат менен туруктуу өз ара кызматташуу болуп эсептелет. Биз бардык тараптардын ырааттуу ишинин арты менен гана мыкты жыйынтыкка жете алдык. Гроздь айылындагы АДКнын Кулжакуль КОЙЧУБЕКОВАнын жетекчилиги алдындагы ишинин натыйжасында, айылды жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча көптөгөн долбоорлор ишке ашты”.

Кульжакуль КОЙЧУБЕКОВА, Гроздь АДК төрайымы: “АДК үнү” Долбоору бизди жергиликтүү тургундардын үнүн угууга, аларды жалпысынан аймактын турмушуна катышууга тартканды үйрөттү. ЖӨБ органдары ар тараптуу өз ара аракетти бекемдөө канчалык маанилүү болгонун түшүнүп, өнүгүү жолунда ишин улантып жатышат”. М



[1] Баалуу бак дарак. Өзгөчө жалбырактары ачыла баштаганда гүлдөп, ири көгүш-кызгылт көк түстөргө кийинген маалда көргөн адамды кубандырып турат. Сейил бакта өстүрүү үчүн да, климаты туура келген жерде өзүнчө да өстүрүүгө жарайт.



# Дени сак айыл – дени сак өлкө

*АДК менен Грездь АА ЖӨБ органдарынын кызматташтыгынын тажрыйбасы журналисттердин да көңүлүн бурду. "Для вас" гезитинин кабарчысы Юлия ХИЖНЯКОВА алган таасири менен өз макаласында бөлүшкөн: (сүрөт авторго таандык. Макала биринчи жолу 2016-жылдын октябрь айында төмөнкү дарек боюнча жарыяланган: http://dv.kg/?p=21013 Журналда басып чыгарууга автор өзү уруксат берди).*

Шаарларда спорт бизнеси кеңири кулач жайды. Туш тарапта машыктыруучу залдар, йога борборлору ачылууда. Көптөгөн адамдар туура тамактануу жана сергек жашоо маселелери боюнча кесипкөйлөргө кайрылып жатат. Бирок сергек жашоо үчүн бардык жеткиликтүү ресурстардын ичинен таза абадан башка эч нерсеси жок элеттиктер эмне кылат?

Бул маселеде элет тургундарына Айылдык ден соолук комитеттери (АДК) жардамга келет. АДК айыл жамааттарына өз саламаттыгын жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүк берүү максатын көздөйт. Ден соолук комитеттери – бул бир айылдын же анын бир бөлүгүнүн деңгээлинде иш алып барган жамааттык уюмдар. Алар бүтүндөй республиканы камтыган кеңири тармакка биригишкен. Практика көрсөткөндөй, басымдуу бөлүгү аял активисттерден турган чакан элеттик комитеттер таасирдүү жыйынтыкка жетише алат. Мисалы, алар мектепке жеткирген жол коопсуз болушу үчүн жергиликтүү бийликти көпүрө куруп берүүгө; мектеп автобусун сатып алууга; айылдагы санитардык шарттарды жакшыртууга; коомдук жайларды жылуулатууга көндүрө алышат.

Көпчүлүк ден соолук комитеттери бул жолду басып өтүштү жана бүгүнкү күндө жашоону жакшыртуу боюнча долбоорлорду ишке ашырууда, бюджеттик маалыматты ачуу боюнча көрүлгөн чараларга байланыштуу өз жетишкендиктери менен сыймыктана алышат. Муну менен катар активисттер жаңы иштей баштаган комитеттерге оор ишинде жардам берип, тажрыйбасы менен бөлүшкүсү келет. Бул үчүн Бишкекте айылдык ден соолук комитеттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 35 өкүлү жана жетекчилери чогулуп, мыкты практикалар, биргелешкен иштин ийгилик-

тери менен бөлүшүп, кызматташтыктын эффективдүүлүгүн жогорулатууга бут тоскон көйгөйлөрдү талкуулап алышты.



Далилсиз айтып жатпасын деген таризде Гроздь айылынын өкүлдөрү бардык катышуучуларды АДК менен ЖӨБдүн биргелешкен ишинин “жандуу” жыйынтыгын – машыктыруучу залды көрүүгө чакырышты. Бу зал Айылдык ден соолук комитеттеринин күчү менен аныкталган жарандардын керектөөлөрүнө жооп катары курулган.

Кулжакуль КОЙЧУБЕКОВА, Гроздь айылындагы Айылдык ден соолук комитетинин төрайымы спорттук залды ачуу үчүн кандай жолду басып өтүшкөнүн мындайча баяндап берди.

– 12 адамдан турган биздин комитет 2009-жылдан бери иштейт. Комитетте негизинен 50-60 жаштагы аялдар эмгектенет. Биз ыктыярдуу негизде иштейбиз. Залды ачуу демилгесин биздин комитет көтөрүп чыккан. Бул айылда кыздар жана аялдар бий, йога, же спорттун башка түрлөрү менен алектениши үчүн Маданият үйү жок. Сурамжылоо жүргүзгөндө баары эле машыктыруучу зал же жөн гана гимнастика менен алектенүү үчүн жай сурашкан. Биз Тынчтык корпусуна өтүнмө жиберип, бизге АКШдан ыктыярчы келди. Аманда АНТОНИО 21 жашта болсо да абдан демилгечил экен. Биз ал менен чогуу долбоор жаздык. Залды ачууга кетчү чыгым көп болуп чыкты – 389 миң сом. Тынчтык корпусу бизге жардам бере алган жок. Анткени алар 300 миң сомго чейинки чыгашаларды гана көтөрөт экен. Ошондо Аманда дүйнөнүн туш тарабында жашаган досторуна кат жазды. Жалпынын аракети менен зарыл болгон сумманы чогултуп, зал ачтык. Жергиликтүү мектеп бизге жай берип, ал жерди биз акробатика менен алектенүүгө ыңгайлаштырдык.

Айыл өкмөтү да колдоо катары бир аз акча бөлүп, бул ишке катышты. Мен да гимнастика менен алектенем. Өзүмдү жакшы сезип калдым. 60 жашта болсом да өзүмдү 40 жаштагыдай сезем. Ушуну менен 7 айдан бери алектенип, салмак таштап, шпагатка отурганды үйрөндүм. Буга чейин ден соолугум начар болчу, дарыгерлер толтура дары жазып беришкен. Мен спорт менен алектенип, өзүмдү сонун сезем. Спорт болгон булчуңдарга да таасирин тийгизет экен. Мени көрүп алып башкалар да спортко кызыга баштады. Азыр бизде талаа иштери кызып турган маал. Ошондуктан көптөр бош эмес. Бирок кыш түшөөр замат баары машыктыруучу залга тартыла баштайт. Эми биздин максатыбыз – жаштар спорт менен алектене турган машыктыруучу залды ачуу.

Каалгасын ачып жатканда мен кадимки мектептин спорт залын көрөм деп ойлогом. Бирок Гроздь Айылдык ден соолук комитетинин кызматкерлери элеттик спорт кандай болушу керек деген менин стереотиптеримдин баарын бузушту. Жайлуу залда дубалдарга илинген чоң күзгүлөрдөн килемге отуруп алып йога менен алектенип жаткан кыздарга көзүм түштү. Бир бурчунда ар кандай шаймандар өз саатын күтүп жаткан экен. Бул жерден спорттук килемдерди, топторду, хулахуптарды көрүүгө болот. Бирок мен үчүн залда шыргый акробатикасы үчүн эки пилон эң күтүүсүз болду.



Кооптонгонума карабастан башка айылдан келген коноктордун реакциясы жакшы болду. Спортчу кыздар түрдүү фигураларды көрсөткөн сайын туш тараптан дүркүрөгөн кол чабуулар жаңырып турду. Кызыга түшкөн айрым коноктор өздөрү да башка спорттук шаймандарды сынап көрүүнү чечишти. Ал эми Кулжакуль КОЙЧУБЕКОВА болсо бир нече айдын ичинде эмнелерге үйрөнгөнүн көрсөтүп, шпагатка оңой эле отурду.

Көздүн жоосун алган оюндан кийин мен машыктыруучу Гульфия ИШИМБАЕВАны кепке тарттым.

– Өз программабызга йогадан, дарылоочу-калыбына келтирүүчү гимнастикадан көнүгүүлөрдү, муундар үчүн атайын көнүгүүлөрдү коштук. Көп убакытты дал ушул мүчөлөрдү чоюуга, башка даярдоочу көнүгүүлөргө бурабыз. Көптөр шыргый акробатикасын оңой деп элестетишет. Бирок чындыгында андай эмес. Шыргый акробатикасы – өзгөчө элет тургундары үчүн тобокелге салган тандоо.

– Ата-энелер, же мектеп администрациясы менен түшүнбөстүк болгон жокпу?

– Биздин адамдар пилон жана башка ушул өңдүү көнүгүүлөрдү бир өңчөй кабыл албайт. Бирок өзүңүз деле көрүп тургандай, бул акробатиканын башка түрлөрүндөй эле спорт. Мектеп администрациясы буга каршы эмес, анткени алар биз кантип тырышып машыгып жатканыбызды көрүүдө. Кыздардын ата-энеси да буга олуттуу мамиле жасап, интернеттен маалыматтарды издеп көрүшүп, бул аялдын дене бою үчүн абдан керектүү спорт болгонуна ынанышты, мелдештер кантип өтүп жатканын билишти. Натыйжада балдары ушундай оригиналдуу жана келечеги бар спорт менен алектенип жатканына кубанып турушат.

Машыгуулар дайыма болуп турат. Кыздар аны токтоткусу келишпейт, себеби аларга абдан жагат. Бул жакка келгендердин жаш курагы да ар кандай: эң улуусу 60 жашта, ал эми кичүүсү 10-11 жаштарда. Эң жаш спортчу кыздардын бири Инна СЛОНОВА зал ачылганына кубанып турат.

– Мен бул жерде 9 айдан бери машыгып жатам жана мага баары жагат. Мен буга чейин спорт менен алектенген эмесмин. Анткени эч кандай ийримдер же зал болгон эмес.

Гроздь айылынын мисалы көрсөткөндөй, бардык кыялдар орундалат. Болгону бул үчүн бир аз аракет жасап, санаалаштарды табыш керек.

Айылдык ден соолук комитеттери – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн да, элет тургундары үчүн да чындап куткаруучу таякчага айланды. Анткени ден соолук маселеси спорт зал менен гана чектелбейт эмеспи. Дал ушинтип таза суу, мектептеги тамактануу жана башка айыл тургундарынын ден соолугуна байланыштуу маселелерди чече алабыз. Адамдар да өз миссиясынын маанисин түшүнүп калганы, баарын эле мамлекет чечип бериш керек деп күтүп отурбаганы кубандырат. Мындай активисттер менен чечилбей турган маселе болбойт.

# Үнүбүз жетсин. Жарандык коом ММК менен кантип иштеши керек?

*2016-жылдын 7-10-июнь күндөрү Бишкекте ММК менен жарандык коом уюмдарынын өз ара аракетине арналган бир катар иш-чаралар өттү. Бул иш-чараларды "Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүк" Тресттик фондунун колдоосу менен ишке ашырылган "Социалдык отчеттуулук боюнча ММКнын демилгеси" Долбоору уюштурду. Долбоордун жетекчиси – белгилүү чет өлкөлүк маалымат агенттиктеринде журналист болуп иштеген жана дүйнө жүзү боюнча жарандык коом уюмдарына (ЖКУ) кеп-кеңеш берүү боюнча бай тажрыйбага ээ болгон Томас ЛАНСНЕР. Өнүктүрүү саясат институту иш-чараны уюштурууга жигердүү колдоо көрсөттү.*

*Бул иш-чаралардын алкагында 2016-жылдын 7-8-июнь күндөрү Бишкек шаарында социалдык отчеттуулукту илгерилетүүдө ЖКУнун байланыш көндүмдөрүн жогорулатуу максатын көздөгөн семинар өттү. Ага ЖКУнун жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү катышты. 2016-жылдын 9-июнунда ММК өкүлдөрү менен биргеликте журналисттер менен жарандык коом уюмдарынын өз ара аракеттенүү жолдору, мындагы кыйынчылыктар жана сунуштамалар талкууга алынды. Талкууга ММКнын 9 өкүлү катышып, ЖКУ менен иштешүүдөгү кыйынчылыктар жөнүндө айтып беришти. Өз кезегинде ЖКУ өкүлдөрү да журналисттер менен иштешүүдө кандай кыйынчылыктар болооруна токтолушту. Бул үч күндүн жыйынтыгында "тегерек стол" талкуусу өтүп, анда ММК, ЖКУ жана мамлекет өз ара мамилени кантип түзүшү керектиги жөнүндө сөз болду. Талкууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Коррупцияга каршы туруу бөлүм башчысы Жибек ДҮЙШЕЕВА коррупция менен күрөштө ММК менен ЖКУдан эмнелерди күтөрүн айтып берди. ЖКУ өкүлдөрү колдоосун билдирип, ММК жана КР Финансы министрлигинин Коррупцияга каршы туруу бөлүмү менен өз ара аракеттенүүнүн жолдорун сунушташты.*

Массалык маалымат каражаттары жана жарандык коом уюмдары ортосундагы өз ара аракеттенүү тууралуу дайыма эле көп сөз болот, бирок чындап келгенде алардын ортосунда байланыш канчалык? Адатта ММК менен ЖКУ ортосундагы мамиле тууралуу сөз болгондо эки тараптан тең жеме сөз угууга болот. ЖКУ журналисттерди жамаат пайдасына иштегиси келбейт деп айыптаса, журналисттер ЖКУ пропаганда менен гана алектенет деген таризде анын өкүлдөрү менен иштешкиси келбейт. Бул жерде мунасага келүү мүмкүн эместей көрүнөт. Бирок ММК менен ЖКУ жалпы максат үчүн ийгиликтүү иш алып барып, бириккен учурлар да болот. Мындай фактылар ММК менен ЖКУнун өз ара аракеттенүүсү мүмкүн экенин жана алар иштеше алаарын тастыктоодо. Болгону орток тил таба билиш керек.

Мунасага келип, өз ара мамилелерди жөнгө салуу үчүн ЖКУ ММК тууралуу буларды билиши керек:

Ар бир журналист редактор алдында жооптуу. Сиз журналисттин өзүн кызыктырып, макала жазууга көндүрө алган күндө да, ал макаланы редактор окуп чыгып, сиз журналист менен көпкө даярдаган макала кандай көлөмдө жана кантип чыгарын редактор гана чечет. Натыйжада макала ЖКУ күткөндөн абдан айырмаланышы мүмкүн. Редактор – бул иштеги өзөктүк фигуралардын бири. Кээде түз эле редакторго чыгыш керек. Эгерде сиз редакторду кызыктыра алсаңыз, анда ал өзү журналистти тандап, ага макала даярдоону тапшырышы мүмкүн.

Басылманын же маалымат агенттигинин ээлери да эсепке алыш керек болгон факторлор болуп эсептелет. Эгерде сиз бийликтеги адамдарды кескин сынга алган жакшы материал даярдап, атүгүл журналистти ал тууралуу жазууга көндүрө алсаңыз дагы басылманын же маалымат агенттигинин ээси бийлик менен мамилесин бузуп албаш үчүн материалды басып чыгаруудан баш тартышы мүмкүн. Басылманы же маалымат агенттигин тандаган учурда муну да эсепке алыш керек.

"Жаңы маалымат" – журналисттерди эч ким уга элек кабар абдан кызыктырат. Өлкөдө коррупция бар болгону тууралуу алар кезектеги макаланы жазбашы мүмкүн. Анткени бул маалымат эч ким үчүн жаңылык деле эмес. Анын окурмандар үчүн жаңы эч нерсеси жок, андыктан кызыктуу деле болбойт. Маалыматты бергенде макаланын же жаңылыктын өзөгүн түзө тургандай мүмкүн болушунча көбүрөөк жаңы фактыларды бериңиз.

Макала жарыялангандан кийин андагы маа-

лыматтардын ишенимдүүлүгү үчүн жоопкерчиликти журналист алат. Ошондуктан журналистке колуңузда болгон маалыматты гана бербестен, ошону менен бирге фактылардын чын-бышыгына ынануу үчүн маалыматты башка булактардан да алуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек. Мисалы, жергиликтүү тургундар, көз карандысыз эксперттер, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын өкүлдөрү менен жолугушуулар болушу ыктымал. Башка жолдор менен тастыктоого мүмкүн болбогон маалымат журналисттин көңүл бурбашы мүмкүн.

Ар бир адам жок дегенде бир жолу “жаңылыктарда негатив гана бар” деген сөздү укса керек. Тилекке каршы бул чындык. Адамзатынын кулк-мүнөзү ушундай экен, негативдүү маалыматты камтыган жаңылык позитивдүү маалыматка караганда көңүлдү көбүрөөк тартып, жакшыраак эсте калат. Журналисттер муну билет жана маалыматты окурмандардын же көрөрмандардын көңүлүн бура тургандай жеткиргенге аракеттенишет. Мисалы, айылдагы мектепте суунун жоктугунан улам окуучулар жугуштуу ооруларга чалдыгып жатканы тууралуу кабар буга чейин суу болбогон мектепке балдар үчүн суу өткөрүлгөнү тууралуу позитивдүү жаңылыкка караганда көбүрөөк көңүлдү бурат.

Адатта донордун коммуникациялык саясатын карманган ЖКУ журналисттерге берген материалында долбоордун жана донордун аталышын биринчи сүйлөмүндө эле көрсөтүүгө, муну кайра-кайра кайталоого мажбур болот. Анан журналист жана редактор алардын материалын акысыз басып чыгаруудан баш тартканда катуу таарынышат. ММКнын ишинин принциби ЖКУнун ишинен айырмаланат: бирөөлөр үчүн эдвокаси – бул укук үчүн күрөш болсо, экинчиси үчүн – бул өз долбоорун же уюмун жарнамалоо, ал эми жарнак – бул – акы үчүн кызмат көрсөтүү. Ошондуктан ортодо пикир келишпестиктер пайда болот. Ар бир коммерциялык басылма өз ишинен пайда табууга умтулат. Буга окурмандардын, же жарнактын санын көбөйтүүнүн эсебинен жеткиси келет. Гезиттин, журналдын бетине түшкөн, интернет ресурска чыккан, бирок окурмандардын санын көбөйтпөгөндүн баары жарнакка кирет.

Адатта макала же жаңылык үчүн кызыктуу болчудай илинчекти журналист байкабай калышы мүмкүн. Күн сайын журналисттин көз алдынан абдан көп маалымат өтөт. Эгерде сиз журналистке электрондук дарек аркылуу кат жолдосоңуз, аны окуп отурганга убактысы бар деп ойлобоңуз. Журналистти карышкырдай эле буттары багат. Көп учурда журналистке же редакторго даректелген маалымат ушул өңдүү миңдеген кабарлардын арасында жоголуп кетиши мүмкүн. Кабарыңыз жеткенин билүү үчүн эң жакшысы телефон чалып, журналисттин өзү менен сүйлөшүңүз.

Журналистке маалымат чогултуу үчүн кырдаал менен таанышып чыгууга мүмкүнчүлүк бериңиз. Бул үчүн аны “талаага” ээрчитип чыгып, маалымат чогултууга жардам берип, багыттап туруш керек. Бул – баары утушта болгон өз ара ыңгайлуу кызматташтык. Эң эле натыйжалуу аспап – терең ойлонуштурулган жана уюштурулган пресс-сапар. Бул сапарда журналисттер каармандар менен сүйлөшүп, кырдаал менен жеринде тааныша алышат. Маалыматты тактоо үчүн журналистке көбүрөөк убакыт талап кылынарына даяр болуңуз. Эгерде журналистти бир жакка алып чыксаңыз, жеринде иштеши үчүн көбүрөөк убакытты пландаңыз. Андан да жакшысы, журналистте мүмкүнчүлүктөр көбүрөөк болсо, ал материал чогултуп, бир окуядан да көбүрөөк нерсени жаза алат.

ЖКУ журналист менен долбоорду ишке ашырганда жана долбоор тууралуу көбүрөөк маалымат жеткиргиси келгенде гана иштешпеши керек. Журналист ага комментарий, статистика, түшүндүрмө, көз карандысыз пикир ж.б. сурап кайрылышы мүмкүн. Бул журналист менен ЖКУ ортосундагы байланышты бекемдеп, өз ара ишенимди пайда кылат.

Адам табиятынан эле конкреттүү адамдын окуясына көбүрөөк көңүл бурат эмеспи. Абстрактуу кимдир бирөө же окуя тууралуу жаңылык, макала бизге кызык эмес. Өз уюмуңуздун, же долбоордун жетишкендиктери тууралуу маалыматты даярдап жатканда, сиздин ишиңиздин арты менен жашоосу жакшы жагына өзгөргөн реалдуу адамдын окуясын кошуш керек. Уюмуңуз же долбоор тууралуу маалыматты ошол реалдуу адамдын тегерегинде жазыңыз. Ошол адамдын сүрөтү окуянын маанисин жана баркын арттырат. Анткен менен бул жерде да кыйынчылыктар бар. Журналисттердин өз этикасы бар. Алар адам менен макулдашпастан ал тууралуу маалыматты жаза алышпайт. Ошондуктан журналистти “талаага” ээрчитип алуу зарыл.

Эсиңизде болсун, журналисттер – башкалардай эле жакшы мамилени баалашат. Эгерде сиз журналистти өз иш-чараңызга чакырсаңыз, анда ага көңүл буруп, иши үчүн жагымдуу шарттарды түзүп бериңиз. Бир журналист тамашалап айтмакчы: “Журналисттин курсагы тойсо, мындан сизге эле пайда”.

Мына, жогоруда айтылгандардын баарынан кандай жыйынтык чыгарса болот? ММК менен өз ара мамиле түзүүнүн эң жакшы жолу – өз ара ишенимди бекемдөө. Журналисттер баарынан да “сапаттуу” маалымат булагын баалашат. Сиз берип жаткан маалымат кызыктуу, түшүнүктүү, ишенимдүү болуп, тез жана жеңил текшериле турган фактыларды жетиштүү камтышы керек. Чындыгында көптөгөн журналисттик окуялар жана иликтөөлөр ЖКУдан алынган маалыматтарга негизделет. Атүгүл, ЖКУ маалыматтын көз карандысыз булагы катары эксперт да боло алышат. ММК ЖКУга кандай керек болсо, ЖКУ да ММКга ошончолук керек.

# Жамааттардын пикири:
## АДК ЖӨБ жана жарандар менен эффективдүү иш алып барууда

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** “АДК үнү” Долбоорунун жетекчиси

“Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоору туруктуу жергиликтүү өнүгүүгө жетүүдө ЖӨБ органдары менен эффективдүү кызматташуу үчүн пилоттук Айылдык ден соолук комитеттеринин потенциалын жогорулатуу максатын көздөйт.

Долбоордун ишинин жыйынтыктары тууралуу пилоттук айылдардагы жамааттардын пикирин билүү максатында “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорунун алкагында пилоттук айылдардын калкы арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. Бул сурамжылоо долбоордун ишмердүүлүгүн баалоонун кошумча аспабы болуп эсептелет жана долбоордун соңку бенефициарлары – элет калкы пилоттук айылдык ден соолук комитеттеринин ишинин таасирин канчалык сезип жатканын көрсөтөт.

Сурамжылоо пилоттук АДК долбоордун алкагында бир жыл иштегенден кийин жергиликтүү жамааттарда болгон өзгөрүүлөрдү өлчөөгө багытталган. Долбоор соңку бенефициарлар катары жамааттын өзү АДКнын иши алардын жашоосун канчалык өзгөрткөнүн түшүнгүсү келди. Колдонулган аспаптар жергиликтүү жамааттарга канчалык түшүнүктүү жана кызыктуу болгонун билүү да маанилүү болчу.

Жалпысынан сурамжылоонун жыйынтыктары оң динамиканы жана жамаат ичинде өзгөрүүлөр болгонун көрсөтүүдө. Долбоордун максаты – өлчөнө турган да, субъективдүү кабыл алына турган да өзгөрүүлөр.

Сурамжылоо 25 пилоттук айылда “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” Ассоциациясы менен биргеликте өткөрүлдү. Бул айылдарда АДК иш-чараларды өткөрүп келген. Жалпысынан сурамжылоого пилоттук айылдардын 685 жашоочусу катышты. Сурамжылоого катышкандардын 63% аялдар түздү. Анкета толтуруу усулу колдонулгандыктан сурамжылоого катышкандардын айрымдары сунушталган жооптордун бирин да белгилеген эмес жана сурамжылоонун натыйжасында бул маалымат “жооп жок” деп белгиленген.

Сурамжылоо көрсөткөндөй, калк айылдык ден соолук комитеттери тууралуу жакшы маалыматка ээ жана АДК тууралуу толук кабары бар, же азыраак даражада кабары барлар 99% түздү (1-диаграмма).

Муну АДК жамааттын турмушуна долбоордун алкагында гана эмес, ошондой эле негизги багыты – ооруларды алдын алуу жана калкка маалымат жеткирүү боюнча да бир кыйла жигердүү катышары менен түшүндүрсө болот. Эгерде мындай сурамжылоону республика боюнча жүргүзсө, анда бул пайыздык көрсөткүч төмөн болот. Анткени республика боюнча активдүүлүгү төмөн АДКнын пайызы көбүрөөк. Ал эми бул долбоорго жигердүү АДКлар гана катышат. Ошондой эле жогорку пайызды муну менен да түшүндүрсө болот: сурамжылоого өз айылынын турмушуна жигердүү катышкан жана бул сурамжылоого катышуу ниетин билдиргендер гана тартылды. Долбоордун 2014-2016-жылдар аралыгындагы ишинин жыйынтыктары да сурамжылоого таасирин

***1-диаграмма.***
***“Айылдын аймагында АДКнын бар болгонун жана анын иши тууралуу билесизби?” деген суроого жооп, пайыздар менен.***




***2-диаграмма. “АДК иши айылдын турмуш шартына таасирин тийгиздиби?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***





***3-диаграмма. “АДК айылда жасаган иштердин маанисин кантип баалайт элеңиз?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***




***4-диаграмма. “Айылдагы АДКнын активдүүлүгү акыркы жылы өстүбү, мурдагы абалында калдыбы, же төмөндөдүбү?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***




***5-диаграмма. “Ушул жылы АДК демилгеси боюнча көтөрүлгөн көйгөйлөр чечилдиби?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***




тийгизгенин жана аларды бүтүндөй республика үчүн жалпылаштырууга болбой турганын эске алуу зарыл.

Респонденттердин баасы боюнча, сурамжылоого катышкандардын 80% алардын айылында АДК иши оң таасирин тийгизгенин белгилешкен (2-диаграмма). АДКнын аракеттери менен бир топ жакшы жагына өзгөрүүлөр болгон. Мынчалык оптимисттик маанайда болбогондор 18% түзгөн.

Мындан тышкары, респонденттердин 63% алардын айылында АДК жасаган иштерге мааниси жагынан жогорку даражаны ыйгарышкан (3-диаграмма). 34% орточо баа беришкен. Бирок АДК өз ишин акысыз жана бош убактысында жасап жатканын эске алганда, бул орточо баа да АДКнын иши жамааттар үчүн канчалык маанилүү болгонун көрсөтүүдө.


Сурамжылоого катышкандардын 78% 2015-жылы долбоор ишке ашырылган учурда АДК мындан дагы активдүү болгонун белгилешти (4-диаграмма). Бул АДК жамааттын артыкчылыктарын аныктоо жана аларды чечүү жолдорун издөө боюнча жамааттар менен биргеликте көп иш-чараларды өткөргөнүнө байланыштуу болду.

Долбоор сунуштаган механизм жергиликтүү жамааттар менен жигердүү иш алып барганда гана иштейт. Жамааттын артыкчылыктуу муктаждыктарын аныктоо процесси – Жамаат муктаж-

дыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) бул механизмдин негизги түзүүчүсүнүн бири болуп эсептелет. Долбоордун алкагында АДК ЖМБА өткөрүү техникасын өздөштүргөн жана ар бир АДК өз айылында ЖМБА-иш-чараларын өткөрүп чыккан. Бул иш-чаралардын жүрүшүндө жамааттар баары үчүн артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүү жолдорун издешкен. Муну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен активдүү иш алып баруу аркылуу да жасашкан.

Анкета толтурган жашоочулардын 87% жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоого да катышты. ЖМБА – бул пилоттук АДК долбоордун алкагында өздөштүргөн техника. Мында дагы оң жооптун жогору пайызы сурамжылоого айылдын жигердүү тургундары катышканына байланыштуу болду. Жооп бергендердин көбү АДК өткөргөн ЖМБА-иш-чараларына катышкан.

***6-диаграмма. “Ушул жылы АДКнын ишине канчалык ыраазысыз?”, пайыздар менен.***




***7-диаграмма. “АДКдан кандай түрдөгү маалыматты алып турасыз?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***




ЖМБАга катышкан респонденттердин 84% кандай көйгөйлөр аныкталып, ЖМБА жыйынтыктары кандай болгонунан кабары бар экени да кубандырат. Бул болсо катышуучулардын көбү иш-чаранын жыйынтыктарына кызыкдар жана балким долбоордун алкагында чечим кабыл алуу прогрессине көз салышууда.

Сурамжылоонун белгилей кетүүчү дагы бир жыйынтыгы – респонденттердин 89% аныкталган көйгөйлөр же толугу менен чечилди, же жакынкы мезгилде чечилет деген ишенимде турушат (5-диаграмма). Сурамжылоого катышкандардын 5% гана көйгөйлөр чечилбей калганын айтышкан. Негизинен мындай жооптор Баткен, Чүй жана Ош облустарынан (ылайыгына жараша 13%, 10% жана 9%) түшкөн жана жергиликтүү бюджеттерден тышкары каржылоонун кошумча булактарына жеткиликтүүлүктүн жоктугуна да, ЖӨБ органдарынын АДК жана жамаат менен кызматташтыкка кызыкдарлыгынын төмөндүгүнө да байланыштуу. Сурамжылоо 2015-жылдын этегинде жана 2016-жылдын башында жүргүзүлгөндүктөн, ал маалда респонденттерде 2016-жылга бюджет тууралуу маалыматтын жоктугун (маалымат жарыялана элек болчу) жана жашоочуларда 2016-жылы артыкчылыктуу маселелерди чечүүгө ЖӨБ пландары тууралуу маалыматтын болбогонун унутпаш керек.

Сурамжылоого катышкандардын көбү – дээрлик 87 пайызы – АДК айыл көйгөйлөрүн чечүүгө ЖӨБ менен биргеликте катышканын белгилешти. Бул адатта калкты мобилдештирүүгө жардам бергенде билинген. Оң жооп кайтаргандардын мындай жогору пайызын ушуну менен түшүндүрсө болот.

Долбоордун алкагында АДК жасаган иштерге сурамжылоонун катышуучуларынын канааттануу деңгээли 58% түзгөн. 34% АДК өзүн көп жакшы көрсөтө албаганын билдирген (6-диаграмма). АДК ыктыярчылардан куралган жамааттык уюм болгондуктан долбоор бул жыйынтыкты жакшы көрсөткүч катары баалайт. Анын үстүнө долбоор тараптан консультациялык колдоо гана көрсөтүлгөн жана АДК көп учурда өз алдынча иш жүргүзүүгө мажбур болгон. Анын үстүнө АДКнын ишине такыр канааттанбагандар болгону 1% түзгөн.

7-диаграмма сурамжылоого катышкандар АДКдан кандай түрдөгү маалымат алганын көрсөтүүдө. Респонденттердин 64% ооруларды алдын алуу жолдору тууралуу маалымат алышкан. Бул болсо АДК жүргүзгөн иштин негизги түрү болуп эсептелет. Дагы 47% АДКнын иши тууралуу маалымат алышкан. Респонденттердин 38% жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты АДКдан алган. Сурамжылоо жүргүзүлүп жаткан маалда пилоттук айылдардын бир бөлүгүндө долбоордун маалыматтык өнөктүгүнүн алкагында бюджетти талкуулоо

***8-диаграмма. “Мындан кийин да АДК ишине катышууга даярсызбы?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***




***9-диаграмма. “ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өз ишинде канчалык ачык?” суроосуна жооп, пайыздар менен.***




боюнча коомдук иш-чаралар өткөрүлө баштаган. АДК жамаатты коомдук бюджеттик угууларга катыштыруу процессине жигердүү тартылган.

“АДК үнү” Долбоору жамааттын артыкчылыктуу муктаждыктарын аныктоо жана жеринде чечим кабыл алуу процессине катышууга шыктандыруу гана эмес, ошону менен бирге келечекте жергиликтүү жамааттар менен иштешүү практикасын улантууга да кызыкдар. Ошондуктан жергиликтүү жамааттар артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо жана жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоо боюнча жамааттар менен мындан кийинки ишинде АДКны колдоп-колдобогонун билүү маанилүү. Респонденттердин 70% АДКны колдоп, мындан ары да АДК уюштурган иш-чараларга катыша берерин айтышкан. Ушул эле айылдарда 2014-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктарына салыштырмалуу иш-чараларга катышууга макул болгондордун саны 8% өскөн. Ал эми катышпай турганын айткандардын саны 1% азайган.

Ошондой эле долбоор үчүн ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамаат ортосунда түзүлгөн мамилелерди өзгөртүү да маанилүү болду. Жергиликтүү жамаатка жеринде чечим кабыл алуу процессине катышуу үчүн аспап берүү, ал эми ЖӨБ органына жамаат – бул алардын бийлиги, күчү экенин түшүндүрүү зарыл эле. Бул үчүн ЖӨБ мындан дагы ачык болуп, өз жамаатынын пикирине кулак салышы керек.

2014-жылы ишин баштаганда долбоор пилоттук айылдарда жашоочулар арасында сурамжылоо жүргүзүп, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери канчалык деңгээлде ачык болгонун аныктаган. 9-диаграммада 2014-жылдагы сурамжылоо менен 2015-жылды салыштырып көрүүгө болот. Айыл өкмөтү өз ишинде ачык дегендердин саны 14% өскөн. Айыл өкмөтү жарым-жартылай ачык деп эсептегендердин үлүшү 11% өссө, айыл өкмөтү жабык дегендердин саны бир кыйла азайган. Ошондой эле 2015-жылы суроого жооп бере албаган респонденттердин саны дээрлик 10% кыскарган. Бул болсо респонденттер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачыктыгы жана айкындуулугу өңдүү түшүнүктөрдү көбүрөөк биле баштаганынан кабар берет.

Сурамжылоонун соңунда мындай суроо берилген: респонденттер алардын айылындагы АДК менен ЖӨБ органдарынын кызматташтыгынын деңгээлин кандай баалашат? Сурамжылоо эки жолу жүргүзүлгөн – долбоор башталган 2014-жылы жана 2015-жылдын ортосунда. Респонденттерге кызматташтыктын деңгээлин беш баллдык шкала боюнча баалоо сунушталган. Мында 1 – кызматташтыктын жоктугун билдирсе, 5 – кызматташтыктын эң жогорку деңгээлинен кабар берет. Долбоор ишке ашырылган жыл ичинде бул көрсөткүчтүн өсүшү 0,6 пунктту түзгөн. Бул болсо кызматташтык шарттуу орточо деңгээлден жакшы деңгээлге өткөнүн билдирет.

Бул сурамжылоо көрсөткөндөй, долбоордун алкагында жүргүзүлгөн АДК иши жамаат үчүн маанилүү. Жамаат АДКнын ишинин натыйжасында айылдагы турмуш жакшы жагына өзгөргөнүн көрүүдө. Айыл өкмөтү менен АДК ортосундагы кызматташтык өсүүдө, демек муну менен тараптар ортосундагы ишеним да артып баратат. Долбоордун таасири тууралуу айта турган болсок, ал бар жана оң деп бааланууда. Долбоор башка айылдарга механизмди жайылтууну сунуштаган учурда ал жактарда да ушул өңдүү жакшы өзгөрүүлөрдү көрүүгө мүмкүн. Бул болсо АДК тараптан механизмди жана жигердүү ишти адекваттуу колдонуп, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызматташуу ниетин билдирген шарттарда мүмкүн болот.

# Райондук деңгээлде мониторинг жана баалоо системасын киргизүүнүн көйгөйлөрү жана келечеги

**Медет СУЛТАМБАЕВ,** мониторинг жана баалоо адиси

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселеси барган сайын актуалдуу болууда. Бул чектелүү ресурстар болсо да, элеттик тургундардын жашоо сапатын жогорулатуу максатына байланыштуу. КР Экономика министрлигинин маалыматына ылайык, оокаты тың айылдык аймактардын саны 2011-жылдан 2014-жылга чейин 14,9% кыскарып, 79 айыл аймагын түзгөн[1]. Бул өлкөдөгү экономикалык кырдаал менен гана эмес, ошондой эле көбүрөөк майнапсыз башкаруу менен да шартталган. Ушул макалада бир суроого жооп табуу аракети жасалды: жамааттардын керектөөлөрүн кантип эсепке алып, мониторинг жана баалоо аспабын колдонуу менен, башкаруунун эффективдүүлүгүн кантип арттырса болот?

Райондун Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын (мындан ары – СЭӨП) иштелип чыккан жаңы форматы жамааттын барган сайын өсүп жаткан керектөөлөрүн эсепке алган аспаптардын бири болуп эсептелет. СЭӨП Өнүктүрүү саясат институту тарабынан GIZ долбоорунун каржылоосу алдында жергиликтүү жана чет өлкөлүк эксперттер менен биргеликте иштелип чыккан. Бул иш жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын айылдык аймактардын (АА) Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларына кошуу механизмдерин иштеп чыгуу, айкалыштыруу механизмдерин даярдоо (синергетикалык натыйжага жетүү жана АА калкынын кызыкчылыктарын мүмкүн болушунча көбүрөөк эсепке алуу максатында райондук, облустук, улуттук деңгээлдерде ААнын Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын координациясын кошуу), аныкталган көйгөйлөрдүн кантип чечилип жатканына мониторинг жана баалоо системаларын ишке ашыруу жана жайылтуу максатын көздөйт[2]. СЭӨПнын жаңы форматы кызыкдар тараптарга ушул жылдын сентябрь айынын башында сунушталган.

СЭӨП – райондун жана айылдык аймактын деңгээлинде өнүгүүнү эсепке алуу менен пландоо аспабы. СЭӨП жамааттардын гана эмес, ошону менен бирге мамлекеттик тармактык пландардын жана программалардын керектөөлөрүн да эсепке алат. Ушул мезгилге чейин жамааттардын керектөөлөрү менен тармактык программалар ортосундагы гармонизация болгон эмес. Бул жаңылыкты СЭӨПнын жаңы форматы киргизүүдө. СЭӨПнын жаңы форматы Жети-Өгүз районундагы Ысык-Көл облусунда сыналды. Ага райондогу бардык айылдык аймактар катышкан. Жаңы форматта жамааттардын керектөөлөрү менен эффективдүү башкаруу ортосундагы байланыштырчу чынжырдын ролун мониторинг жана баалоо аткарат.

СЭӨП үчүн мониторинг жана баалоо системасын иштеп чыгуу зарыл. СЭӨП канчалык идеалдуу иштелип чыкпасын, ал СЭӨПда пландалган иш-чаралардын ишке ашырылуусун көзөмөлдөө системасына муктаж. Мындай аспап катары мониторинг жана баалоо системасын караштырса болот. Бул аспапты СЭӨПга киргизүү зарыл. Анын эффективдүү киргизилиши көп учурда СЭӨПны ишке ашыруунун эффективдүүлүгүнө көз каранды. Суроо жаралат: мониторинг жана баалоо системасын канткенде СЭӨПга киргизип, жайылтууга болот? Бул үчүн шарттар, түшүнүк жана ресурстар жетиштүүбү?

Мониторинг жана баалоону иштеп чыгуу жана СЭӨПга гана эмес, ошону менен бирге жалпысынан ЖӨБОго да киргизүү зарылчылыгы төмөнкүдөй өзөктүк себептерден улам жаралды: 1) мамлекет тарабынан ЖӨБОнун ишине көзөмөл күчөйт (мониторинг жана баалоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылар кабыл алынды); 2) жамаат мүчөлөрүнүн ЖӨБОнун ишинин жыйынтыгына кызыгуусу артат (ЖӨБОнун жамаат мүчөлөрү алдындагы отчеттуулугу); 3) ЖӨБОнун ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу зарылчылыгы пайда болот (ЖӨБОнун майнапсыз иши).

Үчүнчү себеби ЖӨБОнун ишинин эффективдүүлүгү маселесин козгойт. Ал болсо СЭӨПга мониторинг жүргүзүү менен тикелей байланышта турат. Мониторинг жана баалоо системасы айылдык аймактын да, райондун да СЭӨ программасы канчалык деңгээлде даярдалганына жараша болот. СЭӨП канчалык жакшы иштелип чыкса, анын ишке ашырылышына жана программада белгиленген максаттарга жеткенине мониторинг жүргүзүү да ошончолук жеңил болот. Бул болсо ресурстар так аныкталып, конкреттүү иш-чаралар, мөөнөттөр жана жыйынтыктар ачык сүрөттөлгөнүнөн кабар берет. Ушул тапта райондун СЭӨ программасынын эски

---

[1] Экономика министрлиги. 2015-жылдын башына карата республика боюнча дотацияда турган айылдык аймактар тууралуу.

[2] Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары менен улуттук артыкчылыктарды айкалыштыруу принцибине негизделген социалдык-экономикалык өнүгүүнү ппландоо модели.

варианты айылдык аймактардын СЭӨ программасын кайталоодо.

Мындай кайталоо райондук мамлекеттик администрациянын айылдык аймактардын СЭӨ программасындагы пландалган иш-чараларды көзөмөлдөп туруу ниетинен улам болууда. Райондук мамлекеттик администрацияда айылдык аймактардын СЭӨ программасын кошумча каржылоо үчүн өз каражаты болбогонун эске алганда бул логикага жатат. Мониторинг башкаруу аспабы катары биринчи кезекте райондук мамлекеттик администрация башчысы (аким), айыл өкмөт башчысы жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары, ошондой эле тармактык аймактык бөлүмдөр үчүн арналганын түшүнүш керек.

Мониторинг район акимине айылдык аймактардын СЭӨП ишке ашырылышын гана эмес, ошону менен бирге райондун СЭӨП ишке ашырылышын жана координациясын, адистердин өз иш-милдеттерин аткаруусун мындан дагы эффективдүү контролдоого, ыкчам башкаруу үчүн мониторингдин маалыматтарын колдонууга жардам берет. Мониторинг системасын куруу менен райондук жана айылдык аймактар деңгээлдеринде индикаторлорду так эсептеп чыгууга болот. Муну менен СЭӨПнын бири-бирин кайталап калбоого жол ачат.

Ушул тапта айыл өкмөт башчысы колдонгон айылдык аймактын СЭӨП кыскартылган варианты жана район акими колдонгон СЭӨП варианты бар. Башкаруунун ар бир деңгээли жөнөкөй, бирок ошол эле маалда маалыматтарды камтыган СЭӨПнын өз вариантына ээ болууну каалайт. Бул эмнеге байланыштуу? Бул район акими жана айыл өкмөт башчысы аткарган функциялардагы айырмаларга байланыштуу болууда. Район акими барган сайын мониторинг жүргүзүү функциясын көбүрөөк аткара баштады. Ал айылдык аймактын СЭӨП аткарылышы тууралуу маалыматтарды чогултат, иштеп чыгат, анализдейт жана анын негизинде чечим кабыл алат. Мындан улам мониторинг жүргүзүү үчүн район акимине мониторингдин маалыматы зарыл.

Мониторингдин маалыматтарына керектөө бар болгонуна байланыштуу аким СЭӨПга кошумча тик тилкелерди кошот. Мисалы, “күтүлгөн жыйынтыктар”, “тиешелүү стратегиялык же программалык документ” өңдүү тик тилкелер. “Күтүлгөн жыйынтык” тик тилкеси өзүнө караштуу айылдык аймактарда мониторинг жүргүзүүгө, “кандай жыйынтыктарга жетиш керек?” деген суроого жооп алууга жол берет. СЭӨПнын жаңы форматы акимге райондун жана айылдык аймактын СЭӨПнын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө жардам берет.

Райондун социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын эски вариантында дагы бир тик тилке бар – “тийиштүү стратегиялык же программалык документ”. Өлкөнүн өкмөтү алдыга койгон тапшырмалардын кайсылары райондо аткарылып жатат? деген суроого жооп. “Тийиштүү стратегиялык же программалык документ” тик тилкеси – бул өкмөттүн чечимдеринин аткарылышы тууралуу отчет жана акимдин облус губернатору, өкмөт алдындагы өз иши тууралуу отчету. Бул тик тилкелер айылдык аймактын СЭӨП кыскартылган вариантында жок. Анткени айыл өкмөт башчысы үчүн мындай зарылчылык жок. Көрүп турганыбыздай, түрдүү деңгээлдер жана максаттар үчүн чогултулган мониторингдин маалыматтарын системага салуу талап кылынат. Бул функцияны мониторинг жана баалоо системасы аткарат. Ал түрдүү кыйынчылыктарга ыкчам реакция жасоого жана отчетторду даярдоого жардам берет. Бул жүктү мониторинг жана баалоо системасына жүктөп койсо болот.

Район акиминин облус губернаторунун жана өкмөттүн алдындагы отчеттуулугу район боюнча оң көрсөткүчтөр тууралуу маселени коёт. Райондук администрациянын башчылары программаларды жана пландарды аткарууда жетишилген ийгиликтер тууралуу отчет бериши үчүн каржыланып, 100% бүтө турган Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын көрсөткүчтөрүн гана кол алдындагыларга берет.

Мисалы, айыл өкмөт башчысы айылдык аймактын социадык-экономикалык өнүгүү программасына бардык иш-чараларды, анын ичинде айыл өкмөтүнүн бюджетинен каржылоо каралбагандарды да кошуп салды дейли. Бул айылдык аймактын СЭӨпсын аткарбоого алып келет. Өз кезегинде бул район боюнча көрсөткүчтөрдүн азайышына себепчи болот. Райондун СЭӨП жаңы форматы каржылоосу бар жана каржылоо издеш керек болгон иш-чараларды аныктоого жардам берет. Район акими жана айыл өкмөт башчысы үчүн каржылоо издөө – бул жамаат муктаждыгы болгону менен, баары бир көйгөйлүү маселе. Каржылоосу бар жана жок иш-чаралардын көйгөйүн мониторинг жана баалоо системасынын жардамы менен чечсе болот.

Көрүп турганыбыздай эле, айылдык аймак жана район деңгээлинде мониторинг жана баалоо системасын киргизүүгө чоң муктаждык бар. Бул багытта биринчи кадам СЭӨПнын жаңы форматын иштеп чыгуу болду. Анын негизинде мониторинг жана баалоо системасын түзсө болот. Айыл өкмөтүнүн СЭӨП жана паспортунун көрсөткүчтөрүнө жасалган анализ көрсөткөндөй, айылдык аймактардын өнүгүүсүндө ондон ашык багыт бар, алар болсо өздөрүнө 100дөн ашуун көрсөткүчтөрдү камтыйт. Мониторинг жана баалоо системасы болбосо мындай сандагы багыттарга жана көрсөткүчтөргө мониторинг жүргүзүү аким жана түрдүү деңгээлдердеги жетекчилер үчүн оор болуп калат. Мониторинг жана баалоо системасы маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, анализдөө жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу процессин жеңилдетмек.

Чечимдерди ыкчам кабыл алууга жана эң негизгиси райондун жана айылдык аймактын өнүгүүсүн болжолдоого көмөктөшө турган мониторинг жана баалоо системасын түзүү зарыл. Айталы, муниципалдык маселелер боюнча орусиялык эксперттердин[1] сурамжылоосунун жыйынтыгы боюнча, респондент-

[1] Муниципалдык түзүлүштүн социалдык башкаруу системасына мониторинг

тердин жарымынан көбү (53%) мындай системаны түзүүгө бир нече ай кетет десе, үчтөн бирине жакыны (29%) дээрлик бир жыл деген мөөнөттү айтышкан. Муниципалдык түзүлүштөрдө башкаруучулук мониторингди бир айда түзсө болот деп эсептеген оптимисттик маанайдагы жетекчилердин саны 13% гана болгон. Мониторинг жана баалоо системасын түзүү бир кыйла узак процесс жана бул жеринде мындай системаны жайылтууда белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратат.

Район гана эмес, айылдык аймак деңгээлинде да мониторинг жана баалоо системасын жайылтууда белгилүү бир кыйынчылыктар бар. Алар:

1. Биринчи кезекте жетекчинин өзүндө мониторинг жана баалоо чөйрөсүндө потенциалынын жоктугу, мониторингдин жыйынтыктарына талдоо жүргүзө албаганы жана мониторингдин маалыматтарынын негизинде чечим кабыл албаганы.

2. Бул райондук администрациялардын жана ЖӨБ органдарынын иши үчүн мониторингди жана анын ролун түшүнүүдөгү айырмачылыктар. Эксперттердин сурамжылоосу боюнча, мониторингди системалуу түрдө жүргүзүлүп турган изилдөө катары кабыл алган респонденттердин саны 20% болсо, аны түрдүү маалыматтарды чогултуунун ыкмасы катары кабыл алгандар 12% болгон. Ушуну менен катар мониторинг – бул үзгүлтүксүз жасалып турган байкоо деп түшүнгөндөрдүн саны 66% болсо, алардын 40% туруктуу индикаторлордун болушу зарыл экенин белгилешкен. Мониторинг жана баалоо системасын түзүү үчүн биринчи кезекте жетекчилер бул багытта белгилүү бир билимге ээ болушу керек.

3. Мониторингдин предметин аныктоодо белгилүү бир маселелер жаралат. Райондун же айылдык аймактын деңгээлинде эмнелерге мониторинг жүргүзсө болот? Сурамжылоонун жыйынтыктары мониторинг жүргүзүүнүн багыттарына байланыштуу түрдүү пикирлерди көрсөттү. Алардын арасында төмөнкүлөр аталды: - калктын бакубатчылыгы (16 эксперт); - финансылык абал (9 эксперт); - өнүгүү стратегияларын ишке ашыруу (9 эксперт); - муниципалдык ишкана (5 эксперт); муниципалдык программаларды ишке ашыруу (4 эксперт); - демографиялык кырдаал (3 эксперт); - инвестициялар (2 эксперт); - экономикалык абал (2 эксперт). Ушул тапта ЖӨБО мониторингинде жебе өзгөрдү десек болот. Мониторинг жетекчинин жана адистердин иш-милдеттерин аткаруусуна эмес, аймактын өнүгүүсүнө көңүл бурат. Мындан улам бул өнүгүүнүн жаңы индикаторлорун иштеп чыгууну талап кылат.

4. Башкаруунун бардык деңгээлдеринде маалыматтарды туруктуу чогултууга көп жакшы көңүл бурулбай жатат. Мындан улам СЭӨПнын ишке ашырылышы жана чечим кабыл алуу тууралуу мониторинг жүргүзүү үчүн алгылыктуу маалымат базасы жок. Бул райондун жана айылдык аймактын өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөр жана индикаторлор системасын тандап алуу. (1) Жалпысынан райондун өнүгүүсүн, (2) жамаат мүчөлөрүнүн жашоо сапатынын жакшыруусун, (3) районду жана айылдык аймакты башкаруудагы эффективдүүлүктү чагылдыра турган өзөктүк көрсөткүчтөрдү жана индикаторлорду кантип тандаса болот? Мониторинг үчүн маалымат базасын түзүү – бул талкуу үчүн өзүнчө бир тема.

5. Индикаторду тандоо көйгөйү. Мамлекеттик райондук администрация башчысы кандай көрсөткүчтөргө жана индикаторлорго мониторинг жүргүзүш керек? Өздөштүрүү үчүн жеңил, визуалдуу, жеткиликтүү программалык продукт өндүү талаптарга жооп бере турган, мониторингдин максаттарына жооп бергидей мониторинг жүргүзүү үчүн райондук мамлекеттик администрация башчысына кандай аспапты (программалык продуктту) сунуштаса болот? Анткени индикаторлор маяктын ролун аткарышат эмеспи – ошол маякка багыт алып, кыймылдын багытын түзөтүп туруш керек. Жамаат мүчөлөрүнүн, түрдүү социалдык топтордун кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын чагылдыра турган индикаторлорду тандап алуу керек. Район акимдери тарабынан мониторинг жүргүзүүгө керектөө жана мүмкүнчүлүктөр кошумча изилдөөнү, жалпылаштырууну жана анализди талап кылат.

6. Дагы бир чоң көйгөй бар: түрдүү деңгээлдерде мониторинг системасын киргизүүгө айрым жетекчилер кызыкдар эмес. Райондук администрация башчылары дайыма эле айылдык аймактардын деңгээлинде мониторинг системасын түзүүгө ойдогудай маани бере бербейт. Мисалы, райондун гана эмес, айылдык аймактын дагы деңгээлинде түрдүү демилгелүү топторду, биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун кеңири тартуу жана колдоо. Мониторинг жана баалоо системасына тартууну калктын кызыкчылыктарын жана ЖӨБОдон күтүүлөрүн козгогон чечим кабыл алууга катышуу ыкмасы катары караш керек. Бул коомдук мониторинг жүргүзүү үчүн чоң адамдык потенциал.

Өтө көп сандагы эл аралык долбоорлор айылдык аймактын деңгээлинде мониторинг жана баалоо чөйрөсүндө белгилүү бир потенциалды түзүштү. Мисалы, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө, долбоорлорду ишке ашырууга мониторинг. Айталы, пилоттун алкагында Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы райондук мамлекеттик администрацияга караштуу түзүлгөн Координациялык кеңеш. Бул ресурстарды да райондун жана айылдык аймактын өнүгүүсү үчүн мониторинг жана баалоо системасында колдонсо болот.

7. Мониторинг жана баалоо системасын киргизүүдө өзөктүк көйгөй – бул район деңгээлинде да, облус деңгээлинде да кадрлардын башка жактарга кетүүсү, отчеттуулук системасында ордун басуучулуктун жоктугу жана макулдашылбагандык, жетекчилерде мониторинг жана баалоо системасын киргизүүгө кызыгуунун жоктугу, кээде бул системанын мүмкүнчүлүктөрүнөн кабарсыз болгону, мониторинг үчүн маалымат базасынын туруксуз чогултулушу жана жоктугу, көрсөткүчтөр жана индикаторлор системасынын жоктугу, коомдук мониторинг системасын колдонууда билимдин жана көндүмдөрдүн жетишсиздиги.

Бул көйгөйлөрдүн баарын райондун жана айылдык аймактын деңгээлинде чечиш керек. Бул үчүн СЭӨПнын жаңы форматын жана мониторинг менен баалоо системасын үйрөнүп, жайылтуу зарыл. Бул жерде райондун мамлекеттик администрация башчысы, ошондой эле айылдык аймактардын башчылары өзөктүк ролду ойнош керек. ЖӨБОну өнүктүрүү боюнча жергиликтүү жана чет өлкөлүк эксперттер СЭӨПны жана мониторинг системасын жайылтуу үчүн консультациялык, илимий-методикалык жардам көрсөтүп, аналитикалык материалдарды даярдап беришмек. Бул көйгөйлөргө карабастан, "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин эффективдүүлүгүнө туруктуу мониторинг жүргүзүлө баштады"[1].

КР Өнүктүрүү саясат институту район жана айылдык аймак деңгээлдеринде мониторинг жана баалоо системасын жайылтуу боюнча бир топ жумуштарды жасап келатат. Мисалы, Чүй облусундагы 12 пилоттук айылдык аймакта 12 биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу түзүлүп, мониторинг жана баалоо системасын жайылтуу боюнча 12 бир күндүк тренинг өткөрүлгөн, 225 адам окуудан өткөн. Алардын арасында жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айыл өкмөт башчылары жана кызматкерлери, бейөкмөт уюмдардын мүчөлөрү, жамаат мүчөлөрү ж.б. бар. Район деңгээлинде СЭӨПнын жаңы форматын иштеп чыгуу боюнча чоң аналитикалык иштер аткарылып, СЭӨП мониторинги боюнча колдонмо даярдалды.

Район акимдери СЭӨПны жана башка социалдык программаларды ишке ашыруу тууралуу маалыматтарды ушул топтор аркылуу алып тура алмак. Балким аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан белгилүү бир даражада көз карандысыз кылмак. Мисалы, мониторинг топтору кабыл алынган программалардын жана пландардын ишке ашырылышынын жүрүшү тууралуу мониторинг отчетторун кварталына бир жолу электрондук почта аркылуу жиберип тура алышмак. Ошондой эле райондун акиминин тапшырмасы боюнча айылдык аймактын деңгээлинде мониторинг жүргүзмөк.

Өз ара аракеттенүүнүн мындай формасы мониторинг тобунун статусун, бул топту коомдук мониторинг аспабы катары колдонуунун эффективдүүлүгүн жогорулатмак. Бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен гана эмес, ошондой эле райондук мамлекеттик администрация башчысы менен да кайра байланышты камсыздоого жол бермек. Мониторинг жамааттын керектөөлөрү, кабыл алынган чечимдер жана айылдык аймактын деңгээлиндеги көйгөйлөр тууралуу кошумча тең салмактуу маалымат алуу максатын көздөйт.

Айылдык аймактын жана райондун деңгээлинде коомдук мониторинг системасын колдонуунун түрдүү варианттарын апробациялоо зарыл.

ӨСИ жамаат мүчөлөрү жана ЖӨБО менен чогуу Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору үчүн Биргелешкен аракеттер планына мониторинг жана баалоо жүргүзүү пландарын жана графигин иштеп чыкты. Мониторинг боюнча окуу китептери даярдалып, мониторинг жана баалоо боюнча папка сунушталды. Бул папкада нускамалар, ченемдик укуктук актылар, анкеталар, отчеттуулук формалары, мониторинг боюнча иш-чаралар планы жана топтун иши үчүн башка инструментарийлер камтылган. ӨСИ окуткан топтордун мониторинг жүргүзүү үчүн потенциалы жетиштүү.

Райондук администрация башчылары топтогон потенциалын дайыма эле жигердүү колдоно беришпейт. Атүгүл айрым башчылар ушундай потенциалы бар болгонунан да кабарсыз. Райондук администрация башчыларын жана кызматкерлерди башкаруунун заманбап технологияларына, анын ичинде мониторинг жана баалоого окутуу муктаждыгы жогору болуп турат.

Ушул тапта райондук жана айылдык аймактар деңгээлинде мониторинг жана баалоо системасын жайылтуу үчүн шарттар түзүлгөн. Жогорку Кеңеш жамаат тарабынан мониторинг жана баалоо өткөрүүнү жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды кабыл алган. Мисалы, ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик жергиликтүү жамааттын Уставын иштеп чыккан. Ал Уставда коомдук мониторинг жана баалоону өткөрүү каралган. Ысык-Көл облусунда СЭӨПнын жаңы форматы сыналды. ӨСИ жамаат мүчөлөрүн, жергиликтүү кеңештин депутаттарын, пилоттук айыл өкмөттөрдүн башчыларын жана кызматкерлерин мониторинг жана баалоону уюштуруу, өткөрүү ыкмаларына үйрөттү.

Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана башка бир программаларды пландоодо ресурс салып, мониторингдик иш-чаралардын тизмегин даярдап, СЭӨПны ишке ашыруу процесси катары да, анын соңку жыйынтыктарынын да көрсөткүчтөр жана индикаторлор системасын аныктап, маалыматтык мониторинг системасын иштеп чыгып, мониторинг жана баалоо боюнча квалификациялуу адистерди даярдап чыгаруу зарыл. Райондун жана айылдык аймактардын деңгээлинде мониторинг жана баалоо чөйрөсүндөгү жетекчилердин потенциалын жогорулатып, коомдук мониторинг системасын жайылтууда өкмөт жана Жогорку Кеңеш кабыл алган ченемдик укуктук актыларды аткаруу керек, бул системаны иш жүзүндө колдонулушуна жетүү зарыл. Мындан тышкары СЭӨПны тармактык мамлекеттик программалар менен айкалыштырып иштеп чыгууга милдеттендирүү, райондук да, айылдык аймактын да деңгээлдеринде эффективдүү башкарууну камсыздоо максатында мониторинг жана баалоо системасын түзүү тууралуу саясий чечим кабыл алуу учур талабы болуп турат. Жарандардын турмуш шартын жакшыртуу жана мамлекеттик каражаттардын майнаптуу пайдаланылышы үчүн башкаруу системасынын эффективдүүлүгүн жогорулатууда мониторинг жана баалоо системасынын мүмкүнчүлүктөрү көп, ал эми келечеги кең.

[1] 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү ПРОГРАММАСЫ